ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫ ҮЧҮН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖААТЫНДАГЫ ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ
МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДА ПРОГРАММАЛЫК АККРЕДИТАЦИЯДАН
ӨТҮҮ БОЮНЧА

# Методикалык сунуштамалар

**Бишкек, 2022**

**Орто кесиптик билим берүү уюмдары үчүн билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда программалык аккредитациядан өтүү боюнча методикалык сунуштамалар “Секторду өнүктүрүү программасы: Инклюзивдүү өсүү үчүн көндүмдөр” долбоорунун ишмердигинин алкагында түзүлгөн** / Автор-түзүүчү Г.Р. Дуйшебаева, Б.Т. Акулованын, Б.Э. Таштобаеванын редакциясында.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жумушчу тобу:

1. Акулова Б.Т.
2. Гордеева И.Б.
3. Нуруева Ж.Б.
4. Сариева И.К.
5. Таштобаева Б.Э.
6. Усупбаева Э.Р.
7. Усупова Э.М.
8. Чалова Э.

Методикалык сунуштамалар программалык аккредитациялоодо орто кесиптик билим берүү уюмдары (ОКБ БУ) иш жүзүндө колдонуу үчүн кеңештерди жана материалдарды камтыйт.

ОКБ БУнун жетекчилерине, кызматкерлерине жана өзүн-өзү баалоо боюнча комиссиянын мүчөлөрүнө, ыйгарым укуктуу органдын кызматкерлерине, башка кызыкдар тараптарга арналат.

# Мазмуну

Кыскартуулардын тизмеси ..... 4
Глоссарий ..... 5
КИРИШҮҮ ..... 6
ПРОГРАММАЛЫК АККРЕДИТАЦИЯ ..... 7
Программалык аккредитация жөнүндө түшүнүк ..... 7
Программалык аккредитациядан өтүүнүн этаптары ..... 10
ОКБ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨЗ АЛДЫНЧА БААЛОО ..... 11
Минималдуу талаптар ..... 12
Өз алдынча баалоо жүргүзүүнүн тартиби ..... 16
1-милдет. Комиссия түзүү ..... 16
2-милдет. Өзүн-өзү баалоо жүргүзүү ..... 19
3-милдет. Отчет даярдоо ..... 26
4-милдет. ПКнын отчетту бекитүү жана арыз берүү жөнүндө чечим кабыл алуусу ..... 27
Орто кесиптик билим берүү программаларын программалык аккредитациялоо үчүн тышкы баалоо критерийлери ..... 28
АККРЕДИТАЦИЯЛООДОН КИЙИНКИ ИШ-ЧАРАЛАР ..... 41
АККРЕДИТАЦИЯНЫН ЖАРАКТУУЛУГУН ТОКТОТО ТУРУУ, КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ ЖАНА ТОКТОТУУ ..... 42
АККРЕДИТАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ ДОКУМЕНТТЕР ..... 42
1-тиркеме ..... 44
БПны окутуунун натыйжалары менен дисциплиналардын (кесиптик цикл) байланышы ..... 44
Колдонулган адабияттар ..... 50

## Кыскартуулардын тизмеси

БП – билим берүү программасы

БУ – билим берүү уюму

ББМС – билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасы

БМС – башкаруунун маалыматтык системасы

ЖК – жалпы компетенциялар

ИПК – инженердик-педагогикалык кызматкерлер

ИССК – сапатты камсыздоонун ички системасы

КР - Кыргыз Республикасы

К – компетенция

КОН – кесиптик циклди окутуунун натыйжалары

КУА – квалификациялардын улуттук алкагы

МБС – мамлекеттик билим берүү стандарты

ПК – педагогикалык кеңеш

ОИ – окуу иши

ОКБ – орто кесиптик билим берүү

ОН – окутуунун натыйжалары

## Глоссарий

**коопсуз билим берүү чөйрөсү** - окуучуларга жана персоналга зыяндуу же коркунучтуу факторлордун таасири болбогон же болбосо алардын таасиринин деңгээли белгиленген ченемдерден ашпаган окуу шарттарын камсыздоочу чөйрө;

**кызыкдар тараптар** - мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, окуучулар жана алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү), билим берүү уюму, билим берүүнүн сапатына кызыкдар болгон социалдык өнөктөштөр, коммерциялык эмес уюмдар;

**билим берүү уюмунун миссиясы** - кызыкдар тараптардын кызыкчылыктарын жана керектөөлөрүн, жамааттын реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн эске алуучу билим берүү уюмунун багыты жөнүндө кабыл алынган чечим;

**кайтарым байланыш** - көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтарынын натыйжалуулугу жөнүндө кызыкдар тараптардын оозеки жана жазуу жүзүндөгү баалоолору, ошондой эле комментарийлери;

**билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты** - билим берүү уюмунун педагогикалык кеңеши тарабынан бекитилген, билим берүүнүн сапатын башкарууга багытталган документтердин жыйындысы;

**ресурстар** - каалаган натыйжага жетүү үчүн окутуу процессине тартылган кадрдык, материалдык-техникалык, окуу-методикалык, маалыматтык ресурстар;

**өзүн-өзү баалоо –** БУнун ишмердигин белгиленген талаптарга ылайык келүүсүн баалоо процесси;

**сапат —** БУнун окутуунун натыйжаларынын кызыкдар тараптардын белгиленген талаптарына ылайык келүүсү;

**сапат боюнча комиссия** – БУнун ишмердигин ички жана тышкы баалоо үчүн түзүлүүчү айрым кызматкерлердин жана кызыкдар тараптардын өкүлдөрүнүн бирикмеси;

**сапат маданияты** – билим берүүнүн сапатын камсыздоо максатында БУнун кызыкдар тараптары тарабынан БУнун ишмердүүлүгүнүн бардык деңгээлинде калыптануучу жана колдоого алынуучу БУдагы жүрүм-турум баалуулуктары жана башкаруу эрежелери;

**мониторинг** – БУнун ишмердүүлүгүнүн сапатынын реалдуу абалына, процесстердин абалын жана жетишилген натыйжаларды БУнун планы менен салыштыруу максатында маалыматтарды чогултуу аркылуу процесстерди ишке ашыруунун жүрүшүнө системалуу жана туруктуу байкоо жүргүзүү;

**квалификациялардын улуттук алкагы –** улуттук квалификациялык системаларды интеграциялоо жана координациялоого, квалификациялардын салыштырмалуулугун камсыздоого багытталган жана квалификациялардын ылайык келүүсүн тастыктоо жана ыйгаруу системасы үчүн негиз болуучу критерийлердин топтомуна ылайык квалификациялардын деңгээлдеринин түзүмдөштүрүлгөн баяндамасы;

**билим берүүнүн сапатын камсыздоо** — белгиленген талаптарга ылайык келүүчү квалификацияны же окутуунун натыйжаларын калыптандыруунун сапатына багытталган системалуу жана ырааттуу процесс;

**баалоо** – пландын аткарылышынын даражасын жана сапатын аныктоо максатында өткөрүүнүн конкреттүү мөөнөтү менен бир жолку процедура, БУнун процесстерин талдайт жана аларды жакшыртуу боюнча сунуштарды берет;

**процесс** – БУнун ишмердүүлүгүнүн өз ара байланыштуу жана өз ара аракеттенүүчү түрлөрүнүн жыйындысы, ал кызыкдар тараптардын талаптарына ылайык келүүчү кирүүлөрдү (ресурстарды) натыйжаларга (чыгууларга) айландырат;

**стратегиялык пландоо** - өзү менен уюмдун максаттарын тандоо процессин жана аларга жетишүү жолдорун билдирүүчү БУну башкаруунун функцияларынын бири;

**окутуунун натыйжалары** – негизги билим берүү программасы/модулу боюнча окутуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар;

**негизги процесстер** - продукцияны түзүүгө түздөн-түз багытталган процесстер, б.а. продукциянын баалуулугун толуктоочу процесстер (мисалы, билим берүү процесси, практика). Мындай процесстердин натыйжасы болуп продукция (калыптанган компетенциялар) саналат;

**көмөкчү процесстер** - бул уюмдун негизги продукциясын түздөн-түз кайра жаратпаган, б.а. баалуулуктарды кошпогон, бирок негизги процесстерди камсыздоо үчүн зарыл болгон процесстер. Мындай процесстердин натыйжасы болуп негизги процесстер үчүн ресурстар саналат (мисалы, ИПКнын квалификациясын жогорулатуу);

**финансылык аудит** - бул уюмдун экономикалык жана финансылык абалын комплекстүү текшерүү, уюмдун финансылык отчетторундагы маалыматтардын аныктыгын текшерүү, ошондой эле анын өнүгүү перспективаларын талдоо жана баалоо, ал уюмдун өзүнүн адистери тарабынан да (ички аудит), ошондой эле жетекчиликтин заказы боюнча башка аудитордук компаниялар тарабынан да (көз карандысыз аудит) жүргүзүлүшү мүмкүн;

**натыйжалуулук** – жетишилген натыйжа менен колдонулган ресурстардын катышы.

# КИРИШҮҮ

Орто кесиптик билим берүүнүн (мындан ары - ОКБ) билим берүү уюму (мындан ары - БУ) үчүн программалык аккредитациядан өтүү боюнча методикалык сунуштамалар билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда (мындан ары – ыйгарым укуктуу орган) программалык аккредитациядан өтүүнүн тартибин баяндайт.

Кыргыз Республикасынын (мындан ары – КР) аккредитациялоо жаатындагы мыйзамдарына ылайык БУ аккредитациядан көз карандысыз аккредитациялык агенттикте же ыйгарым укуктуу органда өтүүгө укуктуу.

Методикалык сунуштамалар КР "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына, КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 29-сентябрындагы №670 "КР Билим берүү системасында көз карандысыз аккредитациялоо жөнүндө актыларды бекитүү тууралуу", 2020-жылдын 30-мартындагы №189 "Билим берүү уюмдарын аккредитациялоо чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө" токтомдоруна ылайык иштелип чыккан.

Аккредитациянын негизги максаттары:

- билим берүүнүн сапатын камсыздоо;
- билим берүү программаларынын (мындан ары – БП) сапатын баалоонун натыйжалары жөнүндө коомчулукка маалымдоо;
- БПны үзгүлтүксүз өз алдынча баалоо жана жакшыртуу аркылуу анын өнүгүүсүнө түрткү берүү;
- Кыргыз Республикасынын билими жөнүндө документтерин жана квалификацияларын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде таанууга көмөк көрсөтүү.

Аккредитация төмөнкү принциптердин негизинде ишке ашырылат:

- объективдүүлүк;
- ачык-айкындуулук.

Аккредитация төмөнкүлөргө багытталган:

- потенциалдуу окуучулардын, иш берүүчүлөрдүн жана кеңири коомчулуктун БУнун БПнын сапатына болгон ишенимин бекемдөө;
- БУга жана БПга кылдат жана объективдүү өзүн-өзү баалоо жүргүзүүгө жана БПнын сапатын жакшыртуу боюнча ырааттуу иштерди жүргүзүүгө дем берүү;
- эмгек рыногунун керектөөлөрүнө ылайык окутуу боюнча сунуштарды калыптандыруудагы жана ишке ашыруудагы БУнун жана БПнын потенциалын көрсөтүү;
- БУга жана БПга окутуу боюнча сунуштарды пландоодо жана ишке ашырууда абал жана тенденциялар жөнүндө ар тараптуу маалымат берүү;
- БУга БПнын максаттарына жетүүдөгү артыкчылыктарды аныктоого көмөктөшүү;
- пландоонун, башкаруунун окутуу боюнча сунуштарды ишке ашыруунун натыйжалуулугун жогорулатууга кызыкдар тараптарды тартууга мүмкүндүк берет.

Методикалык сунуштамалар программалык аккредитациялоодо ОКБ БУ тарабынан иш жүзүндө колдонуу үчүн кеңештерди жана материалдарды камтыйт. Методикалык сунуштамалар ОКБ БУнун жетекчилерине, кызматкерлерине жана БПны өз алдынча баалоо

боюнча комиссиялардын мүчөлөрүнө, ыйгарым укуктуу органдардын кызматкерлерине, башка кызыкдар тараптарга арналат.

## ПРОГРАММАЛЫК АККРЕДИТАЦИЯ

### Программалык аккредитация жөнүндө түшүнүк

Программалык аккредитация – бул ОКБ БУнун өзүнчө бир БПсын же бир нече БПны терең баалоо жана аны/аларды өнүктүрүү. Программалык аккредитациялоодо БПнын мамлекеттик билим берүү стандарттарына (мындан ары – МБС), ыйгарым укуктуу органдын лицензиялык талаптарына, БП адистерди даярдоону ишке ашырган тармактын кесиптик стандарттарына, Квалификациялардын улуттук алкагынын (мындан ары – КУА) квалификациясынын деңгээлине жана аккредитацияланууучу программаларга карата КР Өкмөтү тарабынан белгиленген минималдуу талаптарга ылайык келүүсүн баалоо жүргүзүлөт.

Программалык аккредиатция ОКБ БУ үчүн милдеттүү болуп саналат. ОКБ БУну программалык аккредитациялоо институционалдык аккредитация менен бир учурда өткөрүлүшү мүмкүн.

Жаңы түзүлгөн ОКБ БУ алгач институционалдык аккредитациядан өтөт. Бүтүрүүчү курс болгон учурда – программалык аккредитациядан өтөт.

ОКБ БУнун жетекчиси программалык аккредитацияны уюштуруу жана өтүү, өзүн-өзү баалоо боюнча отчетту даярдоо үчүн жеке жоопкерчилик тартат.

Менчик формасына жана ведомстволук таандыгына карабастан бардык ОКБ БУлар үчүн аккредитациядан өтүү КР мыйзамдарында белгиленген бирдей шарттарда жана негиздер боюнча ишке ашырылат.

Ошол эле учурда ОКБ БУнун маалыматтары (мисалы, материалдык-техникалык база (мындан ары – МТБ), окутуучулук курам, кабыл алуу, бүтүрүп чыгаруу, окуучулардын жетишүүсү жана катышуусу, билим берүү программалары ж.б.) ыйгарым укуктуу органдын[1] Билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасында (мындан ары – ББМС) болбосо, ОКБ БУ ыйгарым укуктуу органда программалык аккредитациядан өтө албайт.

ОКБ БУну программалык аккредитациялоо ыйгарым укуктуу органга БУнун жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде 5 жылда бир жолудан кем эмес өткөрүлөт. Программалык аккредитацияны өткөрүүгө кеткен чыгымдар ОКБ БУнун каражаттарынын эсебинен КР “Билим берүү жөнүндө” мыйзамынын 40-беренесине ылайык төлөнөт.

Эгерде институционалдык аккредитациялоодо БУнун жалпы ишмердиги, башкаруунун натыйжалуулугу жана БУнун масштабында сапатты камсыздоонун ички системасынын (мындан ары – ИССК) натыйжалуулугу бааланса, программалык аккредитацияда баалоо бир программанын же бир нече программанын чегинде жүргүзүлөт, бир программанын же бир нече программанын деңгээлинде сапатты башкаруу бааланат.

Программалык аккредитациялоодо БПны башкаруунун натыйжалуулугу (жетекчинин же түзүмдүн), сапатты камсыздоонун ички системасынын окутуунун

[1] КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-мартындагы №189 “Билим берүү уюмдарын аккредитациялоо чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө” токтому, 1-тиркеме, КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-июнундагы № 289 токтомунун редакциясына ылайык.

күтүлүүчү натыйжаларына (мындан ары – ОН) жетишүүгө жана ишке ашырылып жаткан программанын сапатын жакшыртууга тийгизген таасири бааланат. Аккредитация бардык окуучуларга жана окутуучуларга бирдей стандарттуу колдоолор жана координациялоо, тийиштүү программалык ресурстар жеткиликтүү экендигин ырасташы керек.

ОКБ[2] БПны ишке ашырган БУ илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөлөрдүн өнүгүүсүн эске алуу менен негизги кесиптик БПны 5 жылда бир жолудан кем эмес билим берүүнүн сапатынын кепилдигин камсыздоо боюнча сунуштарга ылайык жаңылоого тийиш, алар:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияларды иштеп чыгуу;
- билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен рецензиялоо, мониторингдөө;
- так макулдашылган критерийлердин негизинде студенттердин билимдеринин жана жөндөмдөрүнүн, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларынын деңгээлин баалоонун объективдүү процедураларын иштеп чыгуу;
- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылуу;
- бардык ишке ашырылуучу БПны жетиштүү ресурстар менен камсыз кылуу, аларды колдонуунун натыйжалуулугун көзөмөлдөө, анын ичинде окуучуларды сурамжылоо жолу менен;
- өзүнүн ишмердүүлүгүн (стратегияларды) баалоо үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн-өзү баалоону үзгүлтүксүз жүргүзүү жана башка БУнун БПсы менен салыштыруу;
- өзүнүн ишмердүүлүгүнүн натыйжалары, пландары, инновациялары жөнүндө коомчулукка маалымдоо.

Программа аккредитацияланганда БУнун жана БПнын кызыкдар тараптардын актуалдуу керектөөлөрүн аныктоо, эмгек рыногунун квалификацияларга жана көндүмдөргө болгон учурдагы керектөөлөрүн аныктоо жана келечектеги керектөөлөрүн божомолдоо, алардын негизинде билим берүү жана окутуу боюнча тиешелүү сунуштарды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу потенциалы бааланарын билдирет.

Аккредитацияланган программанын статусу потенциалдуу окуучулар, иш берүүчүлөр, ата-энелер үчүн маанилүү. Статус ОКБ БУнун окутуу программасына тапшыруу үчүн БУга жана анын БПсына карата ишенимди бекемдейт, анткени БП болочок окуучу көздөгөн кесиптик ишмердүүлүк жаатындагы тенденцияларды жана талаптарды эске алуу менен көндүмдөрдү өнүктүрүүнү камсыздайт. Ал эми иш берүүчү БПнын бүтүрүүчүсүнө - суроо-талапка ээ болгон компетенциялардын топтому менен өз тармагында квалификациялуу кесипкөй адамга ээ болот, анын жардамы менен бүтүрүүчү анын компаниясын же уюмун жана жалпысынан тармакты өнүктүрүүгө өз салымын кошот.

Программалык аккредитация билим берүү максаттарынын жана БП ОНдун БУнун миссиясы менен макулдашылгандыгын, ОНдун максаттарынын, окутуу планынын, модулдардын жана дисциплиналардын мазмунунун МБСтин талаптарына, КУАнын деңгээлдерине, тармактын конкреттүү адистигинин же экономиканын секторунун кесиптик стандарттарына (талаптарына) ылайык келүүсүн баалайт.

[2] КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-декабрындагы № 718 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жогорку жана орто кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү айырм чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому

Программалык аккредитация аккредитацияланууучу программа керектүү билимдерди окута тургандыгын, программанын бүтүрүүчүлөрүнө тандап алган адистиги боюнча кесиптик иште ийгиликке жетишүүгө мүмкүндүк берүүчү суроо-талапка ээ болгон көндүмдөрдү жана жөндөмдөрдү калыптандыргандыгын же бүтүрүүчүлөргө өзүн-өзү иш менен камсыз кылуу аркылуу социалдык-экономикалык бакубатчылыкты камсыздай тургандыгын тастыктоого тийиш.

Демек, программалык аккредитациялоо

- БУнун бир БПсына же бир нече БПга багытталган;
- Сапаттын спецификалык жана конкреттүү стандарттарынын жана критерийлеринин негизинде баалоо жүргүзөт;
- БПнын билим берүү максаттарынын БУнун бекитилген миссиясынын, тармактын/сектордун/кесиптик ишмердүүлүк жаатындагы керектөөлөргө ылайык келүүсүн баалайт;
- БП ОНдун МБСти окутуунун натыйжаларына, кесиптик талаптарга (стандарттарга), ОНдун КУАнын деңгээлдерине ылайык келүүсүн баалайт;
- Тиешелүү БПны БПнын жетекчилери тарабынан башкаруунун натыйжалуулугун баалайт;
- БП ОНду камсыздоо үчүн керектүү ресурстарды тартууга жана колдонууга БУнун саясатынын жана процедураларынын таасир этүү деңгээлин баалайт;
- БПны окутуу методдору жана баалоо ыкмаларынын БПны окутуунун натыйжаларына ылайык келүүсүн баалайт;
- Окуучулардын (карьераны пландоо жана өнүктүрүү, эмгек рыногуна чыгууда консультация берүү, жашоо көндүмдөрүнө окутуу) жана ИПКнын өнүгүүсүн колдоо (адаптация, кесиптик өнүктүрүү, дем берүү ж.б.) боюнча негизги процесстердин, кызматтардын натыйжалуулугун баалайт;
- БПнын максаттарын жана күтүлгөн ОНду аныктоо, окуу планын түзүү, БП ОНго жетишүү, жумуш ордунда окутуу үчүн кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү механизмдеринин натыйжалуулугун баалайт;
- Эмгек рыногунун керектөөлөрү, БПнын сапаты жөнүндө маалыматты чогултуу, талдоо, колдонуу жана жайылтуу механизмдерин аныктайт жана баалайт, ошондой эле БПны жакшыртуу жана өнүктүрүү үчүн чечимдерди кабыл алуу жана ишке ашыруу жолдорун баалайт.

Ошентип, программалык аккредитациялоо конкреттүү программанын ОНун төмөнкүлөр менен салыштырмалуулугун камтыйт

- БУнун миссиясы;
- МБС;
- КУАнын квалификацияларынын деңгээли;
- тармактын кесиптик стандарттары (бар болсо);
- квалификациялардын тармактык алкактары (бар болсо).

Билим берүү максаттарын ишке ашыруу жана пландаштырылган БП ОНго жетишүү менен БУнун миссиясын ишке ашырууга салым кошот. Эгерде түзүмдүк бөлүм тарабынан сунушталган БУнун конкреттүү программасы ыйгарым укуктуу органда аккредитацияланып жатса, бул ошол эле түзүмдүк бөлүмдүн башка программалары, эгерде алар билдирилбесе, аккредитациялана тургандыгын билдирбейт. Ыйгарым укуктуу орган бир же бир нече БПга багытталгандыктан, ыйгарым укуктуу органдын Коллегиясы

тарабынан аккредитациялоо боюнча чечим кабыл алуусу билдирилген программалар үчүн гана талап кылынат.

Бир эле учурда аккредитацияланган программалардын мисалында институционалдык жана программалык аккредитациялоо учурунда ИССКнын, башка процедуралардын жана процесстердин, БУнун ресурстарынын БП ОНго жетишүүгө, БПны ишке ашырууга жана жакшыртууга тийгизген таасири бааланат.

Эгерде институционалдык аккредитация ОКБ БУнун сапатты башкаруу үчүн потенциалга жана мүмкүнчүлүктөргө ээ экендигин жана өзүнүн БПнын сапатын камсыз кылаарын бааласа жана тастыктаса, ал эми программалык аккредитация БПнын потенциалын жана конкерттүү аккредитацияланууучу БПга же аккредитацияланууучу бир нече БПга БУнун башкаруусунун жана ИССКнын таасирин аныктайт.

ОКБ БУнун педагогикалык кеңешинин августтук отурумунда БУнун акыркы 5 жыл ичиндеги ишинин жыйынтыктарын жана акыркы аккредитациядан өтүү мөөнөттөрүн эске алуу менен институционалдык же программалык аккредитациядан өтүү планын иштеп чыгуу жана бекитүү керек. Директордун орун басары, эреже катары, ОКБ БУнун жана БПнын аккредитациядан өтүү графигин көзөмөлдөйт.

## Программалык аккредитациядан өтүүнүн этаптары

ОКБ БУну программалык аккредитациялоо төмөнкү этаптардан турат:

- ОКБ БПны өз алдынча баалоо;
- ыйгарым укуктуу органдын БПны тышкы баалоосу;
- ыйгарым укуктуу органдын чечим кабыл алуусу.

Программалык аккредитациянын схемасы 1-сүрөттө берилген.

1-сүрөт. Программалык аккредитациянын схемасы



# ОКБ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨЗ АЛДЫНЧА БААЛОО

ОКБ БУну программалык аккредитациялоонун негизги этабы болуп объективдүү жана ачык-айкын өзүн-өзү баалоо саналат, ал БУ тарабынан кызыкдар тараптардын өкүлдөрүн тартуу менен жүргүзүлөт. Туруктуу жакшыртууга умтулуучу ОКБ БП жыл сайын, үзгүлтүксүз өзүн-өзү баалоону практикалашы керек жана жыл сайын өзүн-өзү баалоону пландоого тийиш.

Өзүн-өзү баалоо – БПнын көндүмдөргө жана квалификацияларга болгон керектөөлөрүн аныктоо жөндөмдүүлүгүн талдоо, алардын негизинде максаттарды жана БПнын ОНун иштеп чыгуу, кызыкдар тараптарды канааттандыруу үчүн окуучуларда жана бүтүрүүчүлөрдө тийиштүү ОНду натыйжалуу калыптандуруу. БПны баалоо БПны жыл сайын өз алдынча баалоонун натыйжаларына негизделиши керек.

БПнын ОНу аркылуу акыркы 5 жылда жетишилген БПны өз алдынча баалоодо төмөнкүлөр ар тараптуу текшерилет:

- БПны иштеп чыгуу механизмдеринин, анын ресурстарынын жана процесстеринин натыйжалуулугу;
- БПнын түзүмдүк бөлүмүнүн/жооптуу жетекчинин башкаруусунун жана координациясынын натыйжалуулугу.

БПны өз алдынча баалоо акыркы 5 жыл үчүн төмөнкүлөрдү аныктоого жардам берет:

- БПны башкаруунун натыйжалуулугун;
- БПнын жетишилген ОН сапатынын деңгээлин;
- БП, БПнын ОН өнүктүрүүнүн жана сапатынын жакшыруу динамикасын;
- БПнын күчтүү жана алсыз жактарын: ОН, ресурстар, процесстер;
- БПнын жана БУнун артыкчылыктуу багыттарын;

БПнын сапатына таасир этүүчү башкарууну, БПнын ОН жана БУнун ишмердигинин башка аспекттерин өнүктүрүү жана жакшыртуу үчүн.

Өз алдынча баалоодо БПнын натыйжасына жана өнүктүрүүгө багытталган мамиле колдонулат. Өз алдынча баалоо окутуу жана БП окуу планынын максаттарын ишке ашыруунун далилдерин формалдуу гана чогултпастан, БПны өнүктүрүүгө, БПга окутуудан сапаттуу натыйжаларга жетишүүгө багытталышы керек.

Ар бир окуу жылынын аягында БУ БП төмөнкү көрсөткүчтөр боюнча статистикалык маалымат менен жылдык отчет даярдоого тиийш:

- келүү;
- кабыл алуу;
- бекемдөө;
- жетишүүчүлүк;
- окуучулардын (окутуучулардын, бүтүрүүчүлөрдүн, иш берүүчүлөрдүн) канааттануусу;
- жумуш ордунда окутуу
- бүтүрүүчүлөр үчүн жолдомолор/ишке орноштуруу,

ошондой эле кадрлар, ресурстар, негизги көйгөйлөр жана программаны келечекте сапаттуу ишке ашыруу үчүн иш-аракеттерди пландоо жөнүндө.

ОКБ БПны интервью жүргүзүү, ченемдик методикалык документтерди өздөштүрүү, БПнын жылдык отчетторун, кызыкдар тараптарды сурамжылоо боюнча отчетторду жана БПны жакшыртуу боюнча көрүлгөн чараларды өздөштүрүү аркылуу өз алдынча баалоонун натыйжасында төмөнкүлөрдү көрсөтүшү керек:

- БПны окутуунун натыйжалары (квалификация) МБСке, кесиптик талаптарга (стандарттарга), КУА деңгээлдерине ылайык келет;
- кызыкдар тараптар БПны окутуунун натыйжаларына канааттанат;
- кызыкдар тараптар БПнын ОН пландоого жана ишке ашырууга тартылды;
- БП учурдагы жана келечектеги эмгек рыногунун керектөөлөрүнө багытталат;
- БП ОНдун сапатын жакшыртууга дайыма умтулат;
- БП БУнун миссиясын ишке ашырууга, тармакты өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

## Минималдуу талаптар

Аккредитациялануучу БУга карата минималдуу талаптар билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу орган тарабынан программалык (2-сүрөт) жана институционалдык аккредитациялоо критерийлерине топтоштурулган.[3]

2-сүрөт. ОКБ БПны программалык аккредитациялоо үчүн тышкы баалоо критерийлери




БПны өз алдынча баалоодо комиссиянын көңүлүнүн предмети болуп БПны окутууда жетишилген натыйжалар саналат. ОНдон күтүлүүчү өзгөрүүлөрдөн жана кайра түзүүлөрдөн БПнын бүтүрүүчүлөрүнүн иш жүзүндө калыптанган компетенцияларына чейин тышкы баалоонун критерийлеринин, МБСтин, КУАнын жана кесиптик стандарттардын (бар болсо) жардамы менен өлчөнөт.

Бүтүрүүчүлөрдүн ОНун баалоо менен, билим берүү максаттарын пландоодо жана БПнын күтүлүүчү ОНун аныктоодо, ресурстарды тартууда же пландаштырылган ОНго жетишүү үчүн процесстерди уюштурууда кетирилген каталарды жана кемчиликтерди аныктайт, ошондой эле жалпы эле БП жана БУнун БП ОНун, жалпысынан БПны жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча күч-аракеттеринин жана чараларынын натыйжалуулугун аныктайт.

БПнын сапатын аныктоо үчүн маанилүү болуп лицензиялык талаптарды, мамлекеттик программанын талаптарын, КУАнын ар бир квалификациялык деңгээли үчүн белгиленген ОНго карата талаптарды аткаруунун сапаты жана толуктугу эсептелет.

[3] Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 29-декабрындагы №904/1 буйругу.

Мисалы, БПны шарттуу аккредитациялоодо же аккредитациялоодон баш тарткан учурда ыйгарым укуктуу орган лицензиялык контролдоо процедурасын жүргүзүүгө жана БПдагы аныкталган кемчиликтерди жоюу үчүн административдик чараларды көрүүгө тийиш[4].

Кесиптик талаптарды жана КУА ОНдун деңгээлдерин эске алуу менен иштелип чыккан МБСтин ОНго карата талаптары аккредитацияланууучу БПны өз алдынча баалоодо негиз катары кабыл алынышы керек. БП иш берүүчүлөр менен БПнын бүтүрүүчүлөрүнөн күтүлүүчү ОНдун (компетенциялардын) тизмесин макулдашышы керек.

Өзүн-өзү баалоодо БПнын жетишилген ОНдун сапатын текшерүү менен БП аныкталган кемчиликтерди жоюу боюнча БУнун жана БПнын аракетин же чараларын баалайт.

БУ жана БПнын ОНду жакшыртуу боюнча чечимдери БУну, БПны өнүктүрүү стратегияларында, БУнун, БПнын, түзүмдүк бөлүмдөрдүн ар жылдык пландарында жана БП ИПКнын индивидуалдуу пландарында, ошондой эле БУнун жана БПнын ченемдик жана методикалык документтеринде чагылдырылыш керек.

БПны, ресурстарды жана процесстерди кайра кароого жана жакшыртууга багытталган чаралар БУ БПнын пландаштырылган ОНду калыптандырууга багытталышы керек.

Мисал катары Бишкек архитектура жана курулуш менеджменти колледжинин 270103 “Имараттарды жана курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо” адистиги боюнча эксперименталдык БПнын ОНун тизмесин (матрицаны) кароого болот. 1-таблицада кесиптик циклдин ОНун МБС жана БП ОНдун окуу модулдары менен өз ара байланышы чагылдырылган.

Мамлекеттик БПнын компонентинин ОНу адистиктен көз карандысыз бардык БПлар үчүн жалпы болуп саналат. БПнын ОНу төмөнкүлөр:

ОН1 Кесиптик баарлашуунун деңгээлинде өзүнүн оозеки жана жазуу жүзүндөгү сөзүн мамлекеттик (В1 деңгээлинде), расмий жана чет тилдердин биринде логикалык жактан курууга жөндөмдүү;

ОН2 Тарыхый процесстин себеп-натыйжалык байланыштарын жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоого, талдоого жөндөмдүү; элдик оозеки чыгармачылыктын шедеврлеринин, адамзаттын эпикалык мурасынын арасында “Манас” эпосунун ордун жана маанисин түшүндүрүүгө жөндөмдүү;

ОН3 Ишкердик билимдерди жана көндүмдөрдү кесиптик ишинде колдоно алат;

ОН4 Кесиптик маселелерди чечүү үчүн математикалык ыкмаларды колдонууга, кесиптик иште заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонууга жөндөмдүү.

БП ОНдун, окуу модулдарынын жана дисциплиналардын өз ара байланышынын таблицасы 1-тиркемеде, бул ОН таблицасын ОНго жетишүүдөгү модулдардын жана дисциплиналардын салымын, эмгек рыногу үчүн бүтүрүүчүнүн керектүү компетенцияларынын топтомун түзүүгө алардын таасиринин даражасын аныктоо үчүн өзүн-өзү баалоо учурунда пайдалануу сунушталат.

[4] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-мартындагы №189 токтомуна 1-тиркеме (КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-июнундагы № 289 токтомунун редакциясына ылайык)

1-таблица. БП ОНдун жана кесиптик циклдин окуу модулдарынын байланышы.

| МБСти окутуунун натыйжалары | Программаны окутуунун натыйжалары | Окуу модулдары<br>(кесиптик цикл) |
|---|---|---|
| ПК1. Маалыматтык технологияларды колдонуу менен долбоордун архитектуралык-курулуш бөлүгүн иштеп чыгуу. | ПОН1. Имарат жана курулуш объекттеринде курулуш-монтаждоо иштерин геодезиялык камсыздоону даярдоого жөндөмдүү | ОМ1 Имараттарды жана курулмаларды куруу объектинде курулуш-монтаждоо иштерин камсыздоо үчүн геодезиялык эсептөөлөрдү даярдоо. |
| ПК1. Маалыматтык технологияларды колдонуу менен долбоордун архитектуралык-курулуш бөлүгүн иштеп чыгуу. | ПОН2. Имараттардын жана курулмалардын долбоорунун архитектуралык-курулуш бөлүгүн иштеп чыгууга катышууга жөндөмдүү | ОМ2 Имараттардын жана курулмалардын долбоорунун архитектуралык-курулуш бөлүгүн иштеп чыгуу; |
| ПК2. Курулуш конструкцияларын эсептөөнү жана конструкциялоону аткаруу. | ПОН3 Имараттардын жана курулмалардын долбоорунун конструктивдүү бөлүгүн иштеп чыгууга катышууга жөндөмдүү. | ОМ3 Имараттардын жана курулмалардын долбоорунун иштеп чыгуу |
| ПК3. Имараттардын жана курулмалардын долбоорунун технологиялык бөлүгүн аткаруу. | ПОН4. Имараттардын жана курулмалардын долбоорунун технологиялык бөлүгүн иштеп чыгууга жана аткарууга катышууга жөндөмдүү. | ОМ4 Имараттардын жана курулмалардын долбоорунун технологиялык бөлүгүн иштеп чыгуу жана аткаруу. |
| ПК4. Имараттарды жана курулмаларды курууну, оңдоону же реконструкциялоону долбоорлоодо долбоорлоо-сметалык документтерди түзүү. | ПОН5. Курулуштун сметалык-экономикалык эсебин чыгарууга жөндөмдүү. | ОМ5 Курулуштун сметалык-экономикалык эсебин чыгаруу. |
| ПК5. Курулуш аянтында даярдоо иштерин уюштуруу жана аткаруу;<br>ПК6. Имараттарды жана курулмаларды куруу, оңдоо жана реконструкциялоо боюнча курулуш-монтаждоо иштерин уюштуруу жана аткаруу; | ПОН6. Бригаданы ыкчам башкарууга, имараттар менен курулмалардын курулуш объекттеринде жалпы курулуш иштерин уюштурууга жөндөмдүү. | ОМ6 Бригаданы оперативдүү башкаруу жана имараттар менен курулмаларды куруу объекттеринде жалпы курулуш иштерин уюштуруу |

| | | |
|---|---|---|
| ПК6. Имараттарды жана курулмаларды куруу, оңдоо жана реконструкциялоо боюнча курулуш-монтаждоо иштерин уюштуруу жана аткаруу;<br>ПК7. Аткарылуучу иштердин көлөмүн жана материалдык ресурстардын сарпталышын оперативдүү эсепке алуу. | ПОН7. Имараттарды жана курулмаларды эксплуатациялап, техникалык тейлөөгө жөндөмдүү, оңдоо бригадаларынын иштерин уюштурат. | ОМ7 Имараттарды жана курулмаларды эксплуатациялоо жана техникалык тейлөө, оңдоо бригадаларынын иштерин уюштуруу |
| ПК8. Аткарылуучу иштердин сапатын контролдоо боюнча иш-чараларды жүргүзүү. | ПОН8. Жалпы курулуш иштеринин сапатын көзөмөлдөөгө катыша алат. | ОМ8 Жалпы курулуш иштеринин сапатын контролдоого катышуу |
| ОК1. Өз ишин уюштура билүү, кесиптик милдеттерди аткаруу методдорун жана жолдорун, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоо; | ПОН9. Коопсуздук техникасын жана эмгекти коргоого жөндөмдүү | ОМ9 Коопсуздук техникасы жана эмгекти коргоо |

Ошентип, программалык аккредитациялоодо БПда кызыкдар тараптардын өкүлдөрүн тартуу менен БПны туруктуу өз алдынча баалоо аркылуу БП ОНду жакшыртуу жана өнүктүрүү үчүн багыттарды аныктоого негиз болот:

- “абитуриент – окуучу - бүтүрүүчү” ОНдун трансформация процессин көзөмөлдөө;
- тиешелүү баалоо ыкмалары менен жетишилген БП ОНдун сапатын өлчөө;
- пландаштырылган жана жетишилген БП ОНдун ортосундагы айырманы аныктоо;
- бүтүрүүчүлөрдүн эмгек рыногуна чыгуу этабында жана ишке орношууда байкоо жүргүзүүнүн натыйжаларын талдоо;
- кызыкдар тараптардын окуучулардын жана БПнын бүтүрүүчүлөрүнүн ОНдун сапатына канааттануу деңгээлин баалоо менен.

Өзүн-өзү баалоо жана БПны жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча кийинки иш-чараларды жүргүзүүнүн жыйынтыгында БП төмөнкүдөй пайда алат:

- отчеттуулук механизми аркылуу БПга ишеним көрсөтүү, б.а. өзүн-өзү баалоо боюнча отчет:
- сапаттын жогорку стандарттарына жетишүү;
- жакшыртуу үчүн ресурстардын жана куралдардын жеткиликтүүлүгү;
- билим берүү жана окутууну жакшы түшүнүү;
- ОНду таануу жана валидация;
- өнөктөштөр менен жемиштүү кызматташуу.

## Өз алдынча баалоо жүргүзүүнүн тартиби

ОКБ БПны өз алдынча баалоо 3-сүрөттө көрсөтүлгөндөй, бир нече ырааттуу милдеттерден турат:

1. комиссия түзүү;
2. өз алдынча баалоо;
3. бардык далилдөөчү документтерди тиркөө менен отчет даярдоо;
4. программалык аккредитациядан өтүүгө арыз берүү жөнүндө ПКнын чечим кабыл алуусу.

3-сүрөт. БПны өз адынча баалоо милдеттеринин ырааттуулугу




### 1-милдет. Комиссия түзүү

*Өз алдынча баалоону пландоо*

ОКБ БП өзүнүн ишмердигин жана ишке ашырылуучу программаларды өз алдынча баалоону жыл сайын пландашы жана жүргүзүшү керек. ОКБ БПнын директорунун орун басары БУнун жыл сайын бекитилүүчү планынын жана аккредитациядан өтүүнүн мөөнөттөрүн талдоонун негизинде окуу жылынын башында БУнун кызматкерлеринин жумалык чогулушунда БУну же ОПны аккредитациялоо жөнүндө, аккредитациянын сертификаттары, талдоонун натыйжалары, аккредитациядан өтүүнүн зарылдыгы жөнүндө маалымат берет.

ОКБ БУнун жетекчиси педагогикалык кеңештин (мындан ары – ПК) катчысына программалык жана/же институционалдык аккредитациядан өтүү жөнүндө маселе менен ПКнын күн тартибин түзүүнү тапшырат.

ПКнын катчысы БУнун жылдык планына ылайык аккредитациядан өтүү жөнүндө маселе менен күн тартибин түзөт жана ПКнын мүчөлөрүнө ПКнын отурумун өткөрүү жөнүндө маалымат берет.

ПК регламентке ылайык отурум өткөрөт жана чечим кабыл алат:

- программалык жана/же институционалдык аккредитациядан өтүү жөнүндө;
- программалык жана/же институционалдык аккредитациядан бир убакта же өзүнчө өтүү жөнүндө.

ОКБ БУнун жетекчиси ПКнын чечиминин негизинде программалык жана/же институционалдык аккредитациядан өтүү жөнүндө, ошондой эле акыркы 5 жылдагы БПнын натыйжаларын өз алдынча баалоо жүргүзүү үчүн комиссия түзүү жөнүндө буйрук чыгарат.

Институционалдык жана программалык аккредитациядан бир учурда өтүү жөнүндө чечим кабыл алынган учурда БУ 1 буйрук чыгарат жана 1 кеңейтилген курамдагы комиссия түзөт.

Буйрукта төмөнкүлөр аныкталат:

- аккредитациянын түрү;
- комиссиянын курамы;
- ар бир мүчөнүн аты-жөнү жана ээлеген кызматы;
- өзүн-өзү баалоо жүргүзүү башталган жана аяктаган дата;
- педагогикалык кеңештин кароосуна өзүн-өзү баалоо боюнча отчетту берүү датасы.

Өз алдынча баалоо жүргүзүүнү баштоо жана аяктоо датасы ыйгарым укуктуу органга арыз берүү мөөнөтүн эске алуу менен аныкталат.

БУ акыркы аккредитациялоонун мөөнөтү аяктаганга чейин 3 айдан кем эмес убакыт калганда аккредитациядан өтүү жөнүндө арыз бериши керек. Биринчи жолу ачылып жаткан БУ биринчи окуучуларды бүтүртүп чыгарганга чейин 3 айдан кем эмес мөөнөттө аккредитациядан өтүүгө арыз берет.

БУ аккредитациядан өтүүгө арызды кагаз түрүндө жана электрондук форматта берет. Арыз жана БУнун өзүн-өзү баалоо боюнча отчетун электрондук форматта берүүнүн тартиби ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталат.

БПны пландоого жана ишке ашырууга ар тараптуу талдоону өз убагында жүргүзүү жана ыйгарым укуктуу органга арыз берүү мөөнөтүнө карата аналитикалык отчетту даярдоо үчүн ОКБ БУга өзүн-өзү баалоону окуу жылдын башында баштоо сунушталат.

Өзүн-өзү баалоо жүргүзүүнүн мөөнөтүн пландоодо ыйгарым укуктуу органдын жаңы окуу жылына кабыл алууну пландоо, БПнын бүтүрүүчүлөрүнө берүү үчүн мамлекеттик үлгүдөгү документтерди даярдоого карата заказ түзүү боюнча иш-чараларынын мөөнөттөрү да эске алынат.

### *Комиссиянын курамы*

БУнун өзүн-өзү баалоосу кызыкдар тараптардын өкүлдөрүн тартуу менен БУнун ПКнын чечиминин негизинде ОКБ БУнун жетекчисинин буйругу менен түзүлгөн комиссия тарабынан ишке ашырылат. Комиссиянын өзүн-өзү баалоо жүргүзүү боюнча иш тартиби жана отчеттун типтүү формасы ыйгарым укуктуу орган тарабынан белгиленет[5].

Программалык аккредитациялоодо ОКБ БУнун комиссиясынын сандык жана сапаттык курамы БПнын жетекчисинин сунуштарын, БПнын кызматкерлеринин өзүн-өзү сунуштоосун, ошондой эле БУнун башка түзүмдүк бөлүмдөрүнүн өкүлдөрүнүн сунуштарын эске алуу менен БУнун жетекчисинин сунушу боюнча ачык түзүлөт. Комиссиянын курамына башкаруу жана окутуу тажрыйбасы, тышкы баалоочу эксперт

[5] https://edu.gov.kg/media/files/57a48b6f-e284-4ada-8bbc-d9562ecc6958.pdf

катары иш тажрыйбасы менен адамдарды, мониторинг жана баалоо боюнча окуудан өткөн адамдарды кошуу сунушталат, мында гендердик аспектти эске алуу менен кызыкдар тараптардын өкүлдөрүнүн бирдей катышын камсыздоо зарыл (курамдын 25-30% аялдар болушу керек).

Комиссиянын курамын түзүүдө комиссиянын мүчөлөрүнүн көндүмдөрү олуттуу маанике ээ:

- уюштуруучулук жөндөмдөрү;
- ар түрдүү аудитория менен баарлашуу көндүмдөрү;
- командада иштөө көндүмдөрү;
- талдоо жана баалоо көндүмдөрү;
- милдетти кыска мөөнөттүн ичинде аткара алуу көндүмдөрү;
- стресске туруктуулугу;
- санариптик көндүмдөрү.

ПКнын чечими менен комиссиянын курамына төмөнкүлөр киргизилет:

1. БУнун жетекчиси – комиссиянын төрагасы/төрайымы;
2. жетекчинин орун басарлары;
3. түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери;
4. БУнун предметтик-циклдик комиссияларынын жетекчилери;
5. көзөмөлчүлүк кеңешинин өкүлдөрү, студенттер, ата-энелер, бүтүрүүчүлөр, иш берүүчүлөр жана кызыкдар тараптардын өкүлдөрү.

*Комиссиянын милдеттери*

БПнын сапатын өз алдынча баалоого даярдануу учурунда комиссиянын төрагасы уюштуруучулук чогулуш өткөрөт, анда:

- жооптуу адамдарды көрсөтүү, иштин багыттарын жана аларды аткаруу мөөнөттөрүн аныктоо менен өзүн-өзү баалоо жүргүзүү планы бекитилет;
- өзүн-өзү баалоонун жыйынтыктарын жалпылоочу жана аналитикалык отчетту (мындан ары – отчет) даярдоочу жооптуу адам дайындалат;
- өзүн-өзү баалоонун жыйынтыктарын алдын ала жана жыйынтыктап кароо мөөнөттөрү аныкталат.

БУга объективдүү, калыс баалоону, маалыматтык коопсуздук эрежелерин жана чараларын сактоону камсыз кылуу үчүн комиссиянын мүчөлөрүнүн этикалык ченемдерин иштеп чыгуу сунушталат.

ОКБ БУнун бардык деңгээлинин жетекчилери (директордун орун басарлары, башкы бухгалтер, предметтик-циклдик комиссиянын төрагасы, китепкана башчысы ж.б.) өзүн-өзү баалоо процессине тартылышы керек жана өзүн-өзү баалоо боюнча отчетту даярдоого салым кошушу керек. Ошондой эле өзүн-өзү баалоого БУнун башка окутуучулары жана кызматкерлери да белгилүү бир түрдө тартылууга тийиш. Мындан тышкары, окуучулардын, бүтүрүүчүлөрдүн, БУнун тиешелүү бөлүмдөрүнүн, иш берүүчүлөрдүн, ата-энелердин пикирлерин алуу зарыл.

Талдоого жана өзүн-өзү баалоо боюнча отчеттун айрым бөлүмдөрүн даярдоо үчүн жооптуулар керектүү ресурстарга жана ыйгарым укуктарга ээ болуусу зарыл.

Институционалдык жана программалык аккредитациядан бир учурда өтүүдө БУ өз-өзүнчө 2 аналитикалык отчет даярдайт, бир отчет – институционалдык аккредитациянын критерийлери боюнча өзүн-өзү баалоонун натыйжалары менен, экинчи отчет – программалык аккредитациянын критерийлери боюнча.

Ар бир минималдуу талап боюнча өзүн-өзү баалоо жүргүзүү учурунда акыркы 5 жыл үчүн төмөнкүлөрдү талдоо зарыл:

- БПнын максаттарын жана ОНду иштеп чыгуу жана ишке ашыруу процессин жөнгө салуучу жооптуу адамдардын/түзүмдөрдүн, ошондой эле ресурстарды, процесстерди, БПны окутуунун натыйжаларын башкарууну чагылдыруучу документтердин болушун;
- БПны иштеп чыгуу жана ишке ашыруу (иштелип чыккан жана бекитилген) жана аларды ишке киргизүү механизмдерин;
- өзүн-өзү баалоо жүргүзүү учурунда акыркы 5 жылдын ичинде БПны окутуунун натыйжаларын;
- БПнын ОН жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча пландарды;
- БПнын ОН жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча чаралардын натыйжаларын.

## 2-милдет. Өзүн-өзү баалоо жүргүзүү

*Сапатты аныктоо принциптери*

Сапатты камсыздоо, биринчи кезекте — ОКБ БУнун жана БПнын өзүнүн жоопкерчилиги. Мамлекеттин жалпысынан улуттук кызыкчылыкта сапатты камсыздоо боюнча милдеттенмеси бар болсо да, дал ушул БУ, БП (өзгөчө анын жетекчилери, кызматкерлери жана окуучулары) билим берүүнүн сапаты үчүн жоопкерчилик тартат. Ошондуктан, Кесиптик билим берүү уюмунун ИССКсы жөнүндө Типтүү жобого ылайык[6] БУнун БПнын сапатын камсыздай турган сапатты камсыздоонун натыйжалуу ички системасын түзүүсү абдан маанилүү.

Программалык аккредитациялоо үчүн тышкы баалоонун критерийлери БПга карата сапаттуу билим берүү, БУнун белгиленген миссиясына ылайык сапаттуу ОНго жетишүү талаптарын коет. БПнын сапаты жалпысынан төмөнкүлөр менен аныкталат:

- жетишилген ОН, окуучуларда/бүтүрүүчүлөрдө калыптанган компетенциялардын деңгээли;
- кызыкдар тараптардын БПнын ОНго канааттангандыгы;
- БПны иштеп чыгуу, баалоо, өнүктүрүү процессине, окутуу, анын ичинде БПны жумуш ордунда окутуу процессине кызыкдар тараптардын тартылуусу.

БПны өз алдынча баалоо жүргүзүүдө бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуу көрсөткүчтөрү, иш берүүчүлөрдүн канааттануусу, бүтүрүүчүлөрдүн ийгиликтүү окуялары, өнөктөштөр менен кызматташуунун натыйжалуулугу жана башка көрсөткүчтөр аркылуу жетишилген ОНду тийиштүү түрдө баалашы керек, алар пландалган жана жетишилген ОНдун ортосундагы айырманы көрсөтөт, ошондой эле БПны жакшыртуу жана өнүктүрүү процесси жана БПнын жетишилген ОНдун сапаты жөнүндө күбөлөндүрөт.

[6] КР БИМдин 2021-жылдын 25-февралындагы № 173/1 “Кесиптик билим берүү уюмунун ИССКсы жөнүндө Типтүү жобону бекитүү тууралуу” буйругу.

Сапатты “максаттардын ылайык келүүсү” принциби боюнча кароо керек – БПнын билим берүү максаттары БУнун миссиясына, БПнын күтүлүүчү ОНдун кызыкдар тараптардын көндүмдөргө, компетенцияларга, квалификацияларга, адистиктерге болгон аныкталган керектөөлөрүнө ылайык келүүсү. Ал үчүн программалык аккредитациялоодо төмөнкүлөр бааланат:

- билим берүү максаттарын жана БПнын күтүлүүчү ОНду иштеп чыгуу жана бекитүү үчүн кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн аныктоо үчүн кандай механизмдерди жана кантип колдонот;
- билим берүү максаттарынын жана күтүлүүчү ОНдун кызыкдар тараптардын, анын ичинде тармактын иш берүүчүлөрүнүн аныкталган керектөөлөрүн канааттандырууга багытталышы.

Сапаты “максаттарга ылайык келүү” принциби боюнча кароо зарыл. Төмөнкүлөрдү баалоо керек:

- БПнын максаттарына жана күтүлүүчү ОНго жетишүү үчүн ресурстардын, процесстердин релеванттулугун;
- окутуунун максаттарына жана БПнын ОНго жетишүү үчүн тартылуучу ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугун (ИПК, финансылык, материалдык ж.б.);
- БПнын белгиленген максаттарына жана күтүлүүчү ОНго жетишүү үчүн процесстерди уюштуруунун ырааттуулугу, өз убагында жана натыйжалуу болушун, алар иш берүүчүлөрдү жана башка кызыкдар тараптарды канааттандырат жана канааттандыра алат.

БПны башкаруунун жана координациялоонун натыйжалуулугун баалоо аркылуу төмөнкүлөр текшерилет:

- БПнын максаттарынын жана ОНдун кызыкдар тараптардын керектөөлөрү менен (кесиптик талаптар (стандарттар), КУА, эмгек рыногуна талдоо аркылуу көндүмдөргө жана квалификацияларга болгон керектөөлөр менен) макулдашылгандыгы;
- БПнын максаттарынын жана ОНдун БУнун миссиясы менен макулдашылгандыгы, лицензиялык талаптар, МБСтин (дисциплиналарга, модулдарга карата) талаптары, КУАнын квалификацияларынын деңгээлдери менен макулдашылгандыгы;
- социалдык жана гендердик факторлорду эске алуу менен ар кандай категориядагы окуучуларды кабыл алуу жана окутуу үчүн БПны башкаруу жана координациялоо механизмдеринин натыйжалуулугу;
- ИПКнын БП ОНго жетишүү үчүн потенциалынын ылайык келүүсү;
- БПны окутуу ыкмаларынын жана ОНду баалоонун ылайык келүүсү;
- социалдык жана гендердик аспекттерди эске алуу менен ар кандай категориядагы окуучуларды окутуу үчүн окуу ресурстарынын ылайык келиши жана жеткиликтүүлүгү (анын ичинде китепкана жана маалыматтык, финансылык, материалдык-технологиялык ресурстар);
- окуучуларды, окутуучуларды колдоо боюнча кызматтардын шайкештиги жана жеткиликтүүлүгү;
- БПнын сапатына мониторинг жана баалоо жүргүзүү процедураларынын жана куралдарынын натыйжалуулугу, БПны жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча чаралар жана чечимдер;

- кызыкдар тараптар үчүн БУнун натыйжалары жөнүндө маалыматтардын жеткиликтүүлүгү;
- кызыкдар тараптардын БПнын ОНду үзгүлтүксүз жакшыртуу процессине тартылуусунун натыйжалуулугу.

БПнын сапатын аныктоо үчүн комиссия БПнын ОНду баалайт жана ОНду баалоо аркылуу кызыкдар тараптардын көндүмдөргө жана квалификацияларга болгон керектөөлөрүн кызыкдар тараптарды канааттандыруучу ОНго өзгөртүү боюнча БУнун жана БПнын чараларын жана күч-аракетин талдайт жана баалайт. Ал үчүн төмөнкүлөр бааланат:

- БП кандай ОНду (компетенцияларды, квалификацияны) пландаштырат жана жетишет;
- БП ОНду кантип пландайт, көндүмдөргө жана квалификацияларга болгон керектөөнү кантип аныктайт;
- БПны иштеп чыгуу жана бекитүү үчүн кандай процедуралар бар;
- БПнын ОНго жетишүү үчүн кандай ресурстарды колдонот, алардын релеванттуулугу жана ОНго жетишүү үчүн жетиштүүлүгү;
- БПнын ОНго жетишүү үчүн кандай шарттарды түзөт;
- БПны ишке ашыруу үчүн кандай процесстерди уюштурат;
- БПны, БПнын ОНду жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча БПнын күч-аракети жөнүндө маалыматты чогултуу жана баалоо үчүн кандай механизмдерди колдонот.

Билим берүүнүн сапаты тиешелүү ресурстарды тартуу менен бардык процесстерди натыйжалуу уюштурууда жана процесстердин катышуучуларында сапат маданияты калыптанганда, б.а. жоопкерчилик, инновациялуулук, жамааттуулук, жалпы тартылгандык, натыйжаларга жетишүү максатында бирдиктүү умтулуу сыяктуу макулдашылган этикалык жана адеп-ахлактык ченемдер жана баалуулуктар болгон жана сакталган учурда гана жетишилиши мүмкүн.

БПнын ОНун сапаты жөнүндө алынган маалыматтарды талдоонун жыйынтыгы боюнча ар бир минималдуу талап боюнча БПнын күчтүү жана алсыз жактары критикалык бааланат, алар сапатты камсыздоонун ички системасынын цикли менен салыштырылат:

- пландоо;
- аткаруу;
- текшерүү жана
- жакшыртуу.

Талдоонун жыйынтыктарын эске алуу менен БПнын жана БУнун ар кандай багыттары жана аспекттеринде БПны жакшыртуу боюнча тыянактар жана сунуштар иштелип чыгат, алар алсыз катары аныкталган же БПны жана анын ОНун андан ары жакшыртуу үчүн мүмкүнчүлүк катары аныкталган. Потенциалдуу/мүмкүн болуучу себептик факторлорду талдоо канчалык терең болсо, БПнын сапатын жакшыртууга жана өнүктүрүүгө багытталган сунуштардын жана иш-аракеттердин варианттары ошончолук так жана конкреттүү болот.

Программалык аккредитациялоодо ички жана тышкы кызыкдар тараптардан алынган пикирлердин, ошондой эле документтерди өздөштүрүүнүн негизинде БУну жана БПны, ресурстарды жана процесстерди башкаруу системасынын таасиринин даражасын, БПны жакшыртууга БУнун ИССКсынын таасиринин натыйжалуугун баалоо маанилүү.

БПнын сапатын баалоодо жана талдоодо төмөнкүдөй маалыматтын түрү чогултулат жана каралат:

- *Пландоо* – кирүү жөнүндө маалымат (саясат – билим берүү процессин, БПны иштеп чыгуу жана ишке ашырууну жөнгө салуучу жоболор, билим берүү максаттары, күтүлүүчү ОН, окуу планы жана ресурстар миссия менен салыштыруу менен);
- *Аткаруу* – процесстер жөнүндө маалымат (негизги – эмгек рыногунун көндүмдөргө жана компетенцияларга болгон керектөөлөрүн талдоо, окутуу жана окуу, жумуш ордунда окутуу, баалоо, тарбиялоо, каржылоо, башкаруу, социалдык өнөктөштүк, колдоочу - ИПКны кесиптик өнүктүрүү, окуучуларды колдоо – окуу жана социалдык маселелер боюнча консультациялар);
- *Текшерүү* – натыйжалар жөнүндө маалыматты чогултуу жана талдоо (ОНду мониторингдөө жана баалоо, иш берүүчүлөрдүн, окуучулардын, ИПкнын канааттануу даражасы, бүтүрүүчүлөрдү чыгууда жана ишке орношууда сурамжылоо);
- *Корректировкалоо* – сапатты жакшыртуу боюнча күч-аракеттер жөнүндө маалымат (БПны жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча пландар, натыйжалар жана пландар жөнүндө кызыкдар тараптарга маалымдоо).

БПнын сапатын баалоонун фокусу БПнын ОНун сапаты болушу керек – эмгек рыногунда суроо-талапка ээ болгон компетенциялар жана көндүмдөр калыптандыбы, БУнун бүтүрүүчүлөрүнүн ишке орношуусунун жогорку пайызы жетишилип жатабы, БП эмгек рыногунда суроо-талапка ээ болгон кадрларды даярдоо, керектүү көндүмдөрдү калыптандыруу аркылуу региондун/тармактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө олуттуу салым кошуп жатабы, кесиптик коомчулукта, аймактык же жергиликтүү эмгек рыногунда БП оң имиджге ээби.

Комиссия өзүн-өзү баалоодо ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилген программалык аккредитация үчүн тышкы баалоо критерийлерин жетекчилик кылат[7].

Өзүн-өзү баалоо процессинде комиссия ар бир минималдуу талап боюнча БПнын сапатынын иш жүзүндөгү абалынын берилген критерийлерге ылайык келерин аныктоого, баалоо процессинде аныкталган БПнын ОНун сапаты, БПны башкаруунун сапаты, ИССКнын БПга тийгизген таасиринин сапаты жөнүндө аныкталган маалыматтарды тастыктоочу далилдерди табууга тийиш. Баалоонун ыңгайлуулугу үчүн төмнкү матрицаны колдонууга болот, 1-таблица.

1-таблица

| № | Критерийлер | Ылайык келүү индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Ылайык келет** | **Жарым-жартылай ылайык келет** | **Ылайык келбейт** |
| **1. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ИШТЕП ЧЫГУУ, БЕКИТҮҮ, МОНИТОРИН ЖҮРГҮЗҮҮ ЖАНА МЕЗГИЛДҮҮ БААЛОО** *(мисал)* | | | | |
| 1.3 | БП өзүнүн максаттарын жана милдеттерин аныктоо жана ишке ашыруу, программаны ишке ашырууну колдоо | Эгерде берилген критерийлердин бардыгы БП тарабынан аткарылса жана | Эгерде аталган критерийлердин ичинен БП тарабынан 1-2 критерий аткарылбаса же 1-2 | Эгерде аталган критерийлердин жарымынан көбү БП тарабынан аткарылбаса жана |

[7] Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 29-октябрындагы №904/1 буйругу.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | үчүн ыйгарым укуктарга, жоопкерчиликке жана ресурстарга ээ. | аталган критерийлердин аткарылышын тастыктоочу анык далилдер болсо, анда комиссия<br><br>**ЫЛАЙЫК КЕЛЕТ**<br><br>деген баа берет | критерийдин аткарылгандыгын тастыктоочу анык далилдер жок болсо, анда комиссия<br><br>**ЖАРЫМ-ЖАРТЫЛАЙ ЫЛАЙЫК КЕЛЕТ**<br><br>деген баа берет | критерийлердин аткарылышын тастыктоочу анык далилдер жок болсо, анда комиссия<br><br>**ЫЛАЙЫК КЕЛБЕЙТ**<br><br>деген баа берет |

Комиссияга өзүн-өзү баалоо процессинде ар бир критерий боюнча дароо белги коюу, тактоо үчүн жазуу же кошумча маалыматты суроо сунушталат. Ошондой эле, кемчиликтерди аныктоодо жоюу үчүн гендердик жана социалдык инклюзияны, ошондой эле ички жана тышкы факторлорду, ресурстардын жеткиликтүүлүгүн эске алуу менен практикалык мүнөздөгү сунуштарды жазуу пайдалуу (убакыт, адам, материалдык, финансылык жана башка ресурстар).

Өзүн-өзү баалоодо, эгерде комиссия БПнын сапаты ыйгарым укуктуу органдын минималдуу талаптарына шайкеш келе тургандыгын караса жана аныктаса жана алардын баары натыйжалуу иштеп жаткандыгына далилдер болсо, анда аларды андан ары кайра кароого кеткен убакытты кыскартуу керек. Анын ордуна сапаттын калган критерийлери боюнча иштин башка багыттарындагы боштуктарды табууга жана оңдоого көңүл буруу зарыл.

Программалык аккредитациялоодо ИПКнын БП жана МТБнын камсыздалгандыгы жана алардын сапаты кызыкдар тараптарды канааттандыруу үчүн белгиленген максаттарга, БПны окутуунун натыйжаларына жетишүү үчүн релеванттуулук жана ресурстардын жетиштүүлүгү көз карашынан бааланат.

Өзүн-өзү баалоо процессинде комиссия ресурстарды жана процесстерди баалайт. БПнын төмөнкүлөргө жөндөмдүүлүгү бааланат:

- квалификациялуу окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамды ишке тартуу жана бекитүү;
- китепкана/маалымат ресурстарын иштетүү жана актуалдаштыруу;
- жумуш ордунда окутуу үчүн зарыл чыгымдарды камсыз кылуу;
- окуучулардын суроо-талапка ээ болгон практикалык көндүмдөрү бекемделе турган заманбап окуу жабдууларын жана каражаттарын камсыз кылуу.

Мисалы, практикалык окутууну - жумуш ордунда окутуу (мындан ары - ЖОО) пландоону жана уюштурууну баалоо БПны өз алдынча баалоо жөнүндө отчеттун бир бөлүгү катары талап кылынат. Баалоодо комиссия практикалык окутууну пландоо механизмдери кандай экенин, ОНго жетишүүгө багытталган окуу планына, модулдарга жараша вариация менен практиканын узактыгын, практикалык сабактардын узактыгын жана аны менен байланышкан процедураларды негиздөө менен аныктоого тийиш (иш берүүчүлөр менен пландаштырылган ЖОО ОНдун мезгилин, узактыгын, мазмунун макулдашуу жана бекитүү).

ЖОО окуу планына жараша ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар тобун эске алуу менен гендердик белгилер боюнча дифференциацияланган болушу керек.

БПны баалоодо комиссиясы БПнын жана БУнун тиешелүү түзүмдөрүнүн окутуунун ар кандай түрлөрүн пландаштыруу жана уюштуруу, окутуунун ар кандай түрлөрүн уюштуруу боюнча өнөктөштөр менен кызматташтыкты жөнгө салуу, мониторинг жана баалоо жүргүзүү, окуучулардын билимдерин, көндүмдөрүн жана социалдык-инсандык компетенцияларын КУАга, МБСке жана эмгек рыногунун аныкталган керектөөлөрүнө ылайык калыптандырууга багытталган окутууну андан ары жакшыртууга жана бекемдөөгө жөндөмдүүлүгүн аныктоого тийиш.

Өзүн-өзү баалоо процессинде БУнун жана БПнын карьераны пландоо жана өнүктүрүү, аларды андан ары окутуу, жашоо көндүмдөрүн өнүктүрүү максатында окуучулар үчүн колдоочу процесстерди (кызматтарды) уюштуруу, ошондой эле ИПКны кесиптик өнүктүрүүнү колдоо боюнча процесстерди уюштуруу жөндөмдүүлүгүнө маани берилет.

БПнын кемчиликтерин, тобокелдиктерин жана алсыз жактарын гана аныктабастан, ошондой эле БПны жакшыртуу жана өнүктүрүү үчүн колдонуу мүмкүн болгон потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрдү жана ресурстарды аныктоо, албетте, маанилүү. БПнын потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрү жана ресурстары ички да, тышкы да болушу мүмкүн. БП социалдык өнөктөштөр менен кызматташтыкты өнүктүрүү боюнча максатка багытталган ишти пландоого, өз ара пайдалуу өнөктөштүк стратегиясын түзүүгө тийиш.

БПнын ОНдун сапатын камсыздоо процессине кызыкдар тараптардын тартылгандыгын 2-таблицада чагылдырууга болот, андан кийин алынган маалыматтарды комиссия жалпылап, алардын негизинде сунуштамаларды иштеп чыга алат.

2-таблица

| ИССКнын аспекттери | БПнын жетекчиси | Окуучулар | Бутүрүүчүлөр | ИПК | Предметтик-циклдик комиссия | Экзамендик комиссия | Көзөмөлчүлүк кеңеш | Иш берүүчүлөр / Эксперттик кеңеш |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| БПны иштеп чыгуу: билим берүү, максаттар, күтүлүүчү ОН | | | | | | | | |
| БП ИССК<br>Мониторинг жана баалоо | | | | | | | | |
| Программаны башкаруу (жооптуу адамдын координациялоосу) | | | | | | | | |
| ИПК, ИПКны өнүктүрүү | | | | | | | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| БПнын материалдык жана физикалык каражаттары | | | | | | | | |
| Окуучуларга консультация берүү/колдоо | | | | | | | | |
| Маалымдоо | | | | | | | | |
| Финансы | | | | | | | | |
| Башкалар *Зарылчылкка жараша тизмени кеңейтүү сунушталат* | | | | | | | | |

*Эскертүү:* ИССКнын кызыкдар тараптарынын таасирин төмөнкү шкала боюнча көрсөтүңүз: 1 = эч кандай таасир этпейт / 2 = бир аз таасир этет / 3 = абдан таасир этет / 4 = өтө таасир этет

*Маалыматтарды чогултуу. Интервью, сурамжылоо жүргүзүү*

БПнын сапатын камсыздоонун негизги концепциясы кызыкдар тараптар окутуу боюнча берилген сунуштар алардын керектөөлөрүнө ылайык келеби же келбей тургандыгын баалагандыгына алып келет. Ошондуктан кызыкдар тараптар менен кайтарым байланыш өзүн-өзү баалоо процессинде маанилүү фактор болуп саналат.

Сапат – бул көп ченемдүү, көп кырдуу түшүнүк болгондуктан, аны кызыкдар тараптардын ар кандай категориясынын позициясынан кароо зарыл: окуучулардын, бүтүрүүчүлөрдүн, ата-энелердин, иш берүүчүлөрдүн, окутуучулардын, администрациянын өкүлдөрүнүн, БУнун жетекчисинин жана башкалардын.

БПнын сапатын баалоо үчүн кызыкдар тараптардан көрсөтүлүүчү БПга карата алардын мамилеси жөнүндө кайтарым байланышты (пикирлер) чогултуу жана иштеп чыгуу зарыл.

Программалык аккредитациялоодо, тиешелүү түрдө БПнын жетишилген ОНдун БПнын кызыкдар тараптарынын түшүнүүсүн, кабыл алуусун жана канааттануусун эске алуу менен сапатын аныктоо, алардын негизинде баалоону жалпылоо жана БП ОНду жакшыртуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу абдан маанилүү.

БПнын сапаты, ресурстарды колдонуу боюнча башкаруу механизмдеринин таасир этүүсүнүн сапаты жөнүндө кызыкдар тараптардын ар тараптуу пикирин жана сунуштарын алуу жана БП ОНго жетишүү процесстерин жүргүзүү максатында комиссия кызыкдар тараптардын өкүлдөрү менен белгиленген графикке ылайык интервью жүргүзөт. Ошондой эле, окутуучулардын, окуучулардын, бүтүрүүчүлөрдүн арасында буга чейин жүргүзүлгөн сурамжылоолордун жыйынтыктарын өздөштүрөт.

БПнын сапаты жөнүндө маалыматты чогултуу үчүн комиссия зарылчылыкка жараша блиц-сурамжылоолорду уюштура алат (эгерде БУда мурда жүргүзүлгөн сурамжылоолордун жыйынтыктары жок болсо), ошондой эле БУ жана БП сапаттуу БП ОНго жетишүү үчүн ресурстарды жана процесстерди натыйжалуу башкарып жаткандыгын тастыктай турган документтерди жана башка далилдөөчү базаны өздөштүрөт.

*Далилдөөчү база*

Кызыкдар тараптардын айрым өкүлдөрү менен расмий интервью далилдердин баалуу булагы болуп саналат жана БПнын сапаты жөнүндө иш жүзүндөгү маалыматтарды андан ары чогултууга багыт берет. Интервьюда көтөрүлүүчү бардык маселелер маалыматтын башка булактары менен салыштырылышы керек.

Программалык аккредитациялоодо БП минималдуу талаптардын, лицензиялык талаптардын жана МБСтин талаптарынын жана кесиптик стандарттардын талаптарынын аткарылышын тастыктоочу документтештирилген базаны бериши керек. Документтештирилген база БУнун БПны жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча күч-аракетинин натыйжалуулугун, б.а. өнүктүрүү боюнча конкреттүү практикалык натыйжаларды тастыкташы керек. База жеткиликтүү болууга тийиш жана БУнун сайтына жайгаштырылышы керек.

БПнын сапатын башкаруу үчүн документтештирилген база төмөнкүдөй болушу мүмкүн:

- БУнун миссиясы, максаттары жана пландары (БПнын бүтүрүүчүсүнүн компетернцияларынын тизмеси (матрицасы), бекитилген, кайра каралган);
- Саясат (жоболор, процедуралар, жетекчилердин жана аткаруучулардын ролун жана жоопкерчилигин көрсөтүү менен нускамалар);
- БП башкаруу процедуралары, БПнын отчеттору жана пландары;
- Негизги жана көмөкчү процесстердин процедуралары, отчеттор жана пландар;
- Процесстерди жакшыртуунун натыйжалары (ПКнын чечимдери, жакшыртуу боюнча пландар, практикалык натыйжалар, ийгиликтүү мисалдар);
- Программаны кайра карап чыгуунун натыйжалары (жаңы жана жаңыланган программалар);
- Кабыл алуу, бүтүрүп чыгаруу, ишке орноштуруу жөнүндө маалымат (5 жыл үчүн динамика менен көрсөткүчтөр, сайттагы өзгөрүүлөр жөнүндө маалыматтар);
- Модулдар, БП, окутуучулар, БУнун кызматтары боюнча окуучулар менен кайтарым байланыш (көрүлгөн чаралар, кабыл алынган чечимдер, жаңы курстар, тандоо боюнча курстар);
- Окутуучулар, иш берүүчүлөр менен кайтарым байланыштар/практика жөнүндө пикирлер (протоколдор, отчеттор, катышуучулардын тизмеси, күн тартиби, көрүлгөн чаралар, кабыл алынган чечимдер);
- Даттануулар – териштирүүлөр, көрүлгөн чаралар боюнча отчеттор, пикирлер;
- Баалоо жана бүтүрүп чыгаруу (баалоо процедуралары жана эрежелери, окуучуларды ОН, бүтүрүүчүлөрдү ОН, пикирлер, даттануулар, аппеляция ж.б.);
- Мониторинг жана баалоо: программаларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өз алдынча баалоо, тыянактар жана сунуштамалар менен, жакшыртуу боюнча чаралар;
- Жарым жыл/бир жыл үчүн отчет (жылдар боюнча 5 жыл үчүн).

### 3-милдет. Отчет даярдоо

Өзүн-өзү баалоо жөнүндө кылдаттык менен даярдалган отчет программалык аккредитациялоо процессинин негизги элементи болуп саналат. Бул отчетту даярдоо ОКБ БП үчүн пайдалуу, анткени ал өзүн текшерет. Кийинчерээк, тышкы баалоо учурунда ыйгарым укуктуу органдын аккредитациялык комиссиясы бул отчетту БУга баруу менен тышкы баалоо жүргүзүү үчүн негиз катары колдонот, ал эми ыйгарым укуктуу органдын Коллегиясы аны аккредитациялоо боюнча аяккы чечим кабыл алууда борбордук элемент катары колдонот.

ОКБ жалпы БП боюнча маалыматтын салыштырмалуулугуна жана аккредитациялоо процессинде макулдашылгандыкка өбөлгө түзүү үчүн өзүн-өзү баалоо жөнүндө отчет ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталган форматка ылайык даярдалышы керек. БУга жана БПга программалык аккредитациянын критерийлери сакталарын көрсөтүү үчүн толук жоопкерчилик жүктөлөт. Жана бул далил өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгы боюнча аналитикалык отчетто толугу менен чагылдырылышы керек.

Өзүн-өзү баалоонун натыйжаларын жалпылоо үчүн жооптуу адам комиссиянын мүчөлөрүнөн алынган материалды аккредитациянын критерийлери боюнча тыянактар жана БПны жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча сунуштамалар менен аналитикалык отчет түрүндө тариздейт.

Комиссиянын төрагасы комиссиянын отурумун өткөрөт, отурумдун жүрүшүндө отчет алдын ала каралат, айрым маселелер такталат, кошумча маалыматты чогултуу зарылдыгы жөнүндө ой-пикирлер айтылат, өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгы боюнча сунуштар жана тыянактар талкууланат.

Отчет боюнча комиссиянын мүчөлөрүнөн келип түшкөн эскертүүлөрдү жана сунуштарды эске алып, комиссиянын төрагасы аны корректировкалоо жана акыркы кароо үчүн мөөнөттү белгилейт.

Отчет белгиленген формага ылайык таризделет жана төмөнкү бөлүмдөрдөн турат: титулдук барак, киришүү, талдоо жана минималдуу талаптардын аткарылышынын далили, корутунду.

Корутунду комиссиянын БПнын минималдуу талаптарга, МБСтин талаптарына, Квалификациялардын улуттук алкагына, кесиптик стандарттарга ылайык келүүсү жөнүндө аяккы тыянактарын жана ыйгарым укуктуу органда аккредитациядан өтүү жөнүндө сунуштарды камтыйт.

Отчеттун текстинин шрифти 14 Times New Roman, бөлүмдөрдүн аталышынын шрифти – 14 Times New Roman, кара шрифт болушу керек. Тексттеги саптардын ортосундагы аралык (интервал) – 1.0, отчеттун бардык барактары номерленген болушу керек. Барактын талаалары: сол жагынан – 2,5 см., оң жагынан – 1 см., жогору жана төмөн жагынан – 2 см. Отчеттун текстиндеги таблицалар жана графиктер аталышка жана нумерацияга ээ болушу керек.

Тексттеги шилтемелер документтин аталышын, далилдөөчү документтин бетин, тиркеменин номерин камтууга тийиш.

### 4-милдет. ПКнын отчетту бекитүү жана арыз берүү жөнүндө чечим кабыл алуусу

Өзүн-өзү баалоонун жыйынтыктарын толугу менен карап чыккандан кийин толукталып иштелип чыккан отчет ОКБ БУнун ПКнын кароосуна жиберилет, анда БУнун жетекчиси тарабынан отчетту бекитүү жана документтерди ыйгарым укуктуу органга программалык аккредитациядан өтүү үчүн жиберүү чечими кабыл алынат.

ПКнын чечими ОКБ БУнун жетекчисинин буйругу менен ишке ашырылат. Буйрукта ыйгарым укуктуу орган тарабынан белгиленген тартипке ылайык электрондук аккредитациялоо платформасы аркылуу ыйгарым укуктуу органга программалык аккредитациядан өтүү жөнүндө арыз берүүнүн мөөнөттөрү көрсөтүлөт.

## Орто кесиптик билим берүү программаларын программалык аккредитациялоо үчүн тышкы баалоо критерийлери

| №№ | Критерийлер | Ылайык келүү индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Ылайык келбейт** | **Жарым-жартылай ылайык келет** | **Ылайык келет** |
| **1. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ИШТЕП ЧЫГУУ, БЕКИТҮҮ, МОНИТОРИН ЖҮРГҮЗҮҮ ЖАНА МЕЗГИЛДҮҮ БААЛОО** | | | | |
| 1.1 | Билим берүү уюмунун миссиясы менен дал келген жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык так аныкталган билим берүү программасынын билим берүү максаттарынын болуусу | Билим берүү программасынын максаты уюмдун миссиясына жана мамлекеттик стандарттардын талаптарына ылайык келбейт. | Билим берүү программасы (программалары) жана анын (алардын) максаттары мамлекеттик стандарттын талаптарына ылайык келет. Кызыкдар тараптардын керектөөлөрү менен программанын максаттарын макулдашуу жана ылайык келүүсүн талдоо механизмдери жок. | Билим берүү программасы (программалары) жана анын (алардын) максаттары мамлекеттик стандарттын талаптарына, кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келет. Программанын максаттарын кызыкдар тараптардын керектөөлөрү менен макулдашуу механизмдери бар. |
| 1.2 | Кесиптик, өндүрүштүк уюмдардын жана кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндөгү уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен иштелип чыккан, эмгек рыногун чагылдыруучу жана билим берүү программасынын максаттарына ылайык келген, универсалдуу жана кесиптик | Билим берүү программасын окутуудан күтүлгөн натыйжалар программанын максаттарына дал келбейт, так эмес түзүлгөн, аларды иштеп | Билим берүү программасын окутуудан күтүлгөн натыйжалар программанын максаттарына ылайык келет, кесиптик терминдер менен түзүлгөн. Күтүлгөн натыйжаларды иштеп чыгууга иш берүүчүлөрдүн катышуу механизмдери жок же | Билим берүү программасын окутуудан күтүлгөн натыйжалар иш берүүчүлөрдүн катышуусу менен иштелип чыгып, программанын максаттарына ылайык келет, кесиптик терминдер менен түзүлгөн. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | терминдер менен баяндалган окутуунун күтүлүүчү натыйжаларынын болуусу | чыгууга иш берүүчүлөр катышпайт. | алардын катышуусунун далили жок. | |
| 1.3 | Билим берүү программасы боюнча так аныкталган жана мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык окуу жүктөмүнүн болуусу | Жүктөмдү бөлүштүрүүнүн далилдери жок. | Окуу жүктөмү МБСтин талаптарына толугу менен жооп берет жана окуу планына ылайык бөлүштүрүлгөн. | Окуу жүктөмү МБСтин талаптарына толугу менен жооп берет жана окуу планына ылайык бөлүштүрүлгөн. |
| 1.4 | Билим берүү программасын жакшыртуу максатында окуучулар (студенттер) менен иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттангандыгын мезгил-мезгили менен (бир жылда бир) баалоо | Жүргүзүлбөйт же далилдер жок. | Окуучулардын (студенттердин) жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун баалоо туруктуу жүргүзүлбөйт. Баалоо механизмдери жана процедуралары документтерде бекитилген эмес. | Жыл сайын окуучулардын (студенттердин) жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттанууларын баалоо жүргүзүлөт. Талдоонун жыйынтыктары учурдагы жылдын окуу пландарында чагылдырылган. Баалоо механизмдери жана процедуралары документтерде бекитилген. |
| 1.5 | Билим берүү программасынын практиканын бардык түрлөрүнөн (тааныштыруучу, окутуучу, өндүрүштүк, педагогикалык, дипломдун алдындагы) өтүү үчүн окуу планында каралган орундарды берүүсү | Окуу планында каралган практиканын бардык түрлөрү орундар жана жөнгө салуучу документтер менен камсыздалган эмес. | Билим берүү программалары практиканын бардык түрлөрүнөн өтүү үчүн орундарды берет, практика процессин жөнгө салат, процесс толугу менен документтештирилген. | Билим берүү программалары практиканын бардык түрлөрүнөн өтүү үчүн орун берет, практика процессин жөнгө салат, практиканын натыйжалуулугу талданат жана аларды жакшыртуу боюнча чаралар көрүлөт. |
| 1.6. | Актуалдуулугун камсыздоо үчүн илимдин соңку жетишкендиктерин жана технологияларын эске алуу менен | Жүргүзүлбөйт. | БУда актуалдуулугун камсыздоо үчүн илимдин соңку жетишкендиктерин жана | БУда актуалдуулугун камсыздоо үчүн илимдин жана технологиялардын соңку |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | конкреттүү дисциплинанын мазмунуна жыл сайын билим берүү уюму тарабынан мониторинг жүргүзүү жана баалоо | | технологияларын эске алуу менен конкреттүү дисциплиналардын мазмунуна мониторинг жана баалоо туруктуу жүргүзүлбөйт. | жетишкендиктерин эске алуу менен конкреттүү дисциплиналардын мазмунуна мониторинг жана үзгүлтүксүз баалоо жүргүзүлөт. Учурдагы жылдын окуу пландарына конкреттүү өзгөртүүлөр киргизилген. |
| 1.7. | Мониторинг жүргүзүү: | | | |
| а | - окутуучулардын (студенттердин) окуу жүктөмүнө, жетишүүсүнө жана аяктоосуна | БУ УТДда белгиленген окуучулардын (студенттердин) окуу жүктөмүн, жетишүүсүн жана аяктоосун мониторингдөөнүн жана баалоонун мезгилдүүлүгүнө, форматына ээ. Ички баалоо жүргүзүүнүн далилдери жок. Же мониторинг жүргүзүүнүн бекитилген процедуралары, форматтары, куралдары жок. | БУ УТДда белгиленген окуучулардын (студенттердин) окуу жүктөмүн, жетишүүсүн жана аяктоосун мониторингдөөнүн жана баалоонун мезгилдүүлүгүнө, форматына ээ. Ички баалоону (ички мониторинг, тестирлөө, экзамендер) туруктуу жүргүзбөйт, жыйынтыктарды талдайт. | БУ УТДда белгиленген окуучулардын (студенттердин) окуу жүктөмүн, жетишүүсүн жана аяктоосун мониторингдөөнүн жана баалоонун мезгилдүүлүгүнө, форматына ээ. Ички баалоону (ички мониторинг, тестирлөө, экзамендер) туруктуу жүргүзөт, жыйынтыктарды талдайт, тыянактар жана сунуштар чечимдерди кабыл алууда колдонулат.<br>Акыркы беш жыл үчүн жыйынтыктар оң динамиканы көрсөттү. |
| б | - аларды баалоо процедураларынын натыйжалуугуна | БУ окутуунун натыйжалуугун, жүктөмдү, жетишүүнү жана бүтүртүп | БУ окутуунун натыйжалуулугун талдоо үчүн баалоо процедураларын колдонот (ички | БУ окутуунун натыйжалуулугун талдоо үчүн баалоонун (ички жана тышкы) процедураларын үзгүлтүксүз жана комплекстүү |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | чыгарууну талдоо үчүн баалоонун айрым гана процедураларын гана колдонот (мисалы жетишүүнү жана окутуунун сапатын гана талдоо). | жана тышкы), бирок туруктуу эмес. | колдонот. Процедураларды, куралдарды жакшыртат. |
| в | - окутуучулардын (студенттердин) жана иш берүүчүлөрдүн билим берүү программасы боюнча окутуудан күтүүлөрүнө, керектөөлөрүнө жана канааттангандыгына | Окуучулардын жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттанууларын баалоо же мониторинг жүргүзүлбөйт. | БУда сурамжылоолор, эпизоддук же мезгилдин ичинде бир жолу талкуулоолор аркылуу иш берүүчүлөрдүн, окутуучулардын керектөөлөрүнө жана канааттануусуна мониторинг жана баалоо жүргүзүлөт. Маалымат чогултуу куралдары иштелип чыккан. | БУда сурамжылоолор, талкуулоолор аркылуу иш берүүчүлөрдүн, окутуучулардын керектөөлөрүнө жана канааттануусуна мезгил-мезгили менен мониторинг жана баалоо жүргүзүлөт. Маалымат чогултуу куралдары иштелип чыккан. Алынган маалымат талданат жана отчет түрүндө берилет. Тыянактар жана сунуштар чечим кабыл алуу, окуу пландарын өзгөртүү үчүн колдонулат. |
| г | - билим берүү чөйрөсүнө жана колдоо кызматтарына жана алардын билим берүү программасынын максаттарына ылайык келүүсүнө | Билим берүү чөйрөсүн жана колдоо кызматтарына мониторинг жана баалоо жүргүзүлбөйт. | БУ колдоо кызматтарынын ишмердигин баяндайт (медициналык, социалдык ж.б.), жакшыртуу максатында БУнун чөйрөсүн талдайт (физикалык, психологиялык, маалыматтык ж.б.) | БУ колдоо кызматтарынын ишмердигине ички мониторингди үзгүлтүксүз жүргүзөт (медициналык, социалдык ж.б.), жакшыртуу максатында БУнун чөйрөсүн талдайт (физикалык, психологиялык, маалыматтык ж.б.): БУнун чөйрөсүнүн көрсөткүчтөрүнүн тизмесине ээ, аны жакшыртуунун үстүндө иш алып барат, жыл боюнча |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | көрсөткүчтөрдүн динамикасына байкоо жүргүзөт (мисалы, комп/окуучунун катышы, окутуучу/окуучунун катышы; пандустардын жана жабдылган ажатканалардын болушу ж.б.) . |
| д | - көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтарынын натыйжалуулугун жогорулатуу жана адекваттуулугун аныктоо максатында бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусуна | Механизмдер иштелип чыккан эмес, ишке орноштуу боюнча маалыматтар жок. | БУда бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусун баалоо механизмдери иштелип чыккан. Ишке орношуу боюнча маалыматтар жарым-жартылай чогултулган. | БУда бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусун баалоо механизмдери иштелип чыккан. Мониторинг жүргүзүлөт, акыркы 5 жыл үчүн ишке орношуу көрсөткүчтөрү берилген. Маалыматтарды талдоонун негизинде кызмат көрсөтүүлөрдүн натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чаралар көрүлгөн. |
| 1.8 | Мониторинг жүргүзүү жана мезгилдүү баалоо үчүн процесстерди жана жооптуу адамдарды (кызматтарды) аныктоо | Мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө жооптуу адамдар аныкталган эмес. | Мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө жооптуу адамдардын милдеттери жарым-жартылай бекитилген. | Мониторинг жана баалоо жүргүзүү үчүн жооптуу кызматтардын жана адамдардын милдеттери аныкталган, тиешелүү локалдык актыларда бекитилген. |
| 1.9 | Мониторингдин жана мезгилдүү баалоонун натыйжаларын бардык кызыкдар тараптарды тартуу менен талдоо, талкуулоо жана аны билим берүү | Акыркы жыл үчүн билим берүүнүн сапатына жүргүзүлгөн мониторингдин маалыматтарын талдоо ишке ашырылган, | Билим берүүнүн сапатына мониторингдин маалыматтарына талдоо жүргүзүлөт, кызыкдар тараптар менен жыйынтыктар туруктуу эмес талкууланат. БУда билим | БУда билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүүнүн маалыматтарын үзгүлтүксүз талдоо жүргүзүлөт, кызыкдар тараптар менен жыйынтыктар талкууланат, окутууну жана БУну |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | процессин уюштурууну жакшыртуу үчүн колдонуу | абалды жакшыртуу үчүн талкуулоо жана колдонуу боюнча далилдер жок. | берүүнүн сапатын жакшыртуу үчүн талдоонун жана талкуулоонун натыйжасында конкреттүү чараларды көрүү жөнүндө эч кандай далил жок. | өнүктүрүү пландарын түзөтүү боюнча чечимдер кабыл алынат. |
| 1.10 | Билим берүү программасын окуу-усулдук камсыздоонун билим берүүнүн максаттарына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык келүүсү. | Талдоо жок. | Акыркы жыл үчүн окуу-усулдук камсыздоонун ылайык келүүсүнүн талдоосу берилди. | Окуу-усулдук камсыздоонун ылайык келүүсүн талдоо жыл сайын жүргүзүлөт, акыркы бир нече жылда оң динамика бар. |
| **2. ИНСАНГА БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН (СТУДЕНТТЕРДИН) ЖЕТИШҮҮСҮН БААЛОО** | | | | |
| 2.1. | Педагогикалык усулдарды, билим берүүнүн формаларын жана технологияларын баалоо жана түзөтүү үчүн окуучулар (студенттер) менен үзгүлтүксүз кайтарым байланышты колдонуу | Студенттерден кайтарым байланыш алуу жана педагогдордун өзүн-өзү талдоо механизмдеринин болушу жөнүндө далилдер жок. | БУда сабактарга өз ара баруу жана кийин талдоо жүргүзүлөт, педагогдордун өзүн-өзү баалоо формалары колдонулат, бирок ошол эле учурда иш системалуу жана ырааттуу жүргүзүлбөйт. | УТДда окуучулардан (студенттерден), кесиптештерден кайтарым байланыш алуу жана колдонуу, педагогдордун жеке ыкмаларын жана иштөө технологиясын корректировкалоо максатында сабактарды жана окутуунун натыйжаларын өз алдынча талдоо, өзүн-өзү баалоо процесси баяндалган. |
| 2.2. | Баалоочу адамдардын (экзаменаторлордун) окуучулардын (студенттердин) билимин текшерүүнүн усулдарына ээ болушу жана бул тармакта квалификациясын туруктуу жогорулатуусу | Бекитилген баалоо процедуралары жок. Окутуучулардын баалоо маселелери боюнча квалификациясы жөнүндө маалыматтар жок. | Окутуунун натыйжаларын баалоо процедуралары бекитилген. Студенттердин окутуунун натыйжаларын баалоонун ар кандай ыкмалары колдонулат. Окутуучулардын баалоо маселелери боюнча, тактап айтканда критериалдык квалификацияларын | Окутуунун натыйжаларын баалоо процедуралары бекитилген. Студенттерди окутуунун натыйжаларын баалоонун ар кандай ыкмалары колдонулат, баалоо объективдүү критерийлердин негизинде жүргүзүлөт, студенттер баалоонун критерийлери |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | жогорулатуу жөнүндө маалыматтар жок же мүмкүнчүлүктөр жок. | жөнүндө да, натыйжалары жөнүндө да маалымдар. Окутуучулар окутуунун натыйжаларын баалоо ыкмалары жана критерийлери боюнча квалификациясын жогорулатууда. |
| 2.3. | Билим берүү уюмунун окуучулар (студенттер) жетишүүгө тийиш болгон окутуунун күтүлүүчү натыйжаларына карата адекваттуу болгон, ошондой эле окуучунун (студенттин) окутуунун пландалган натыйжасына жетишүү деңгээлин көрсөткөн баалоо критерийлерин жана усулдарын өзүнүн сайтында жарыялоосу | Сайтта маалымат жок. | - | Баалоо критерийлери жана ыкмалары жөнүндө маалымат сайтта ачык жеткиликтүү. |
| 2.4 | Баалоо процедураларынын жумшартуучу жагдайларды жана баалоонун натыйжасын апелляциялоонун расмий процедурасын караган объективдүүлүгүн жана ачык-айкындыгын камсыздоосу | Баалоо жүргүзүү процедураларынын баяндамасы жок. | Баалоо критерийлери жана ыкмалары, бааланууучу иштердин мөөнөттөрү жана түрлөрү, экзамендерди өткөрүүнүн түрлөрү көбүнчө студенттерге белгилүү (ачык жайгаштырылган). Баалоонун жыйынтыгын апелляциялоонун расмий процедурасы каралат жана колдонулат. | Баалоо критерийлери жана ыкмалары, бааланууучу иштердин мөөнөттөрү жана түрлөрү, экзамендерди өткөрүүнүн түрлөрү көбүнчө студенттерге белгилүү (ачык жайгаштырылган). Баалоонун жыйынтыгын апелляциялоонун расмий процедурасы каралат жана колдонулат. |
| 2.5. | Колдонулуучу баалоо процедурасы, күтүлүүчү текшерүүлөрдүн түрлөрү (экзамендер, зачеттор, дипломдук ишин коргоо ж.б.), окуучуларга (студенттерге) | Баалоо критерийлери жана ыкмалары, текшерүүнүн мөөнөттөрү жана | Баалоо критерийлери жана ыкмалары, текшерүүнүн мөөнөттөрү жана түрлөрү (экзамендер, зачеттор, | Баалоо критерийлери жана ыкмалары, текшерүүнүн мөөнөттөрү жана түрлөрү (экзамендер, зачеттор, дипломдук |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | карата талаптар, алардын билимин баалоонун колдонулуучу критерийлери жөнүндө окуучуларга (студенттерге) толук маалымдоо | түрлөрү (экзамендер, зачеттор, дипломдук иштерди жактоо ж.б.) ачык түрдө алдын ала жеткиликтүү жайгаштырылбайт. | дипломдук иштерди жактоо ж.б.) ачык түрдө алдын ала жарым-жартылай жеткиликтүү жайгаштырылат. | иштерди жактоо ж.б.) ачык түрдө алдын ала жеткиликтүү жайгаштырылат же предмет боюнча программаны/силлабусту баяндоонун бир бөлүгү. |
| 2.6. | Окуучуларды (студенттерди) иргөөнүн себептерин жана аларды бекемдөө жана жетишүүсүн жогорулатуу боюнча көрүлгөн чараларды талдоонун болушу | Маалыматтар жок. | Иргөө боюнча акыркы жыл үчүн маалыматтар берилди. | Иргөө боюнча маалыматтар чогултулат, талданат жана акыркы 5 жыл үчүн маалыматтар жана көрүлгөн чаралар жөнүндө маалымат берилди. |
| 2.7 | Окуучулардын (студенттердин) даттанууларына чара көрүүнүн иштеп чыгарылган жана колдонууга киргизилген процедураларынын болуусу. | Процедуралар жок. | _ | Процедуралар жана документ иштелип чыккан, алардын негизинде иштер жүргүзүлөт. Реакция кылуу тажрыйбасы бар. |
| 2.8. | Билим берүү уюму окутуунун сапатын жогорулатуу максатында инновациялык окуу-усулдук ресурстарды, педагогикалык усулдарды, формаларды жана технологияларды колдонуусу | Айрым окутуучулар тарабынан колдонулат же колдонуунун далили жок. | Айрым окутуучулар тарабынан инновациялык, окуу-усулдук ресурстар, инновациялык педагогикалык ыкмалар жана технологиялар колдонулат. | Инновациялык, окуу-усулдук ресурстар, инновациялык педагогикалык ыкмалар жана технологиялар активдүү жана системалуу түрдө колдонулат. |
| 2.9. | Билим берүү уюмунун окуучулардын (студенттердин) ар кандай топторунун керектөөлөрүн аныктап жана аларды кошумча курстар, факультативдер, ийримдер аркылуу канааттандыруусу. | Кошумча окутуу жок. | БУда кошумча курстар, факультативдер, ийримдер бар. | БУда кошумча курстар, факультативдер, ийримдер бар. Студенттердин керектөөлөрүнө мониторинг жана баалоо жүргүзүлөт жана кошумча окутуу үчүн шарттар түзүлөт. |

| 3. ОКУУЧУЛАРДЫ (СТУДЕНТТЕРДИ) КАБЫЛ АЛУУ, БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫН ТААНУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫ (СТУДЕНТТЕРДИ) БҮТҮРТҮП ЧЫГАРУУ | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3.1 | Окуучуларды (студенттерди) кабыл алуунун калыс жана объективдүү ыкмаларын колдонуу, ошондой эле потенциалдуу окуучулардын (студенттердин) тапшыруусу үчүн негизсиз тоскоолдуктарды болтурбоо | Процедуралар жок. | БУнун Уставында, ички актыларда окуучуларды (студенттерди) тандоо жана кабыл алуу процедуралары аныкталган (алгачкы кабыл алуу жана башка БУдан которулган учурда). Кабыл алуу практикасынын далили жок. | БУнун Уставында, ички актыларда окуучуларды (студенттерди) тандоо жана кабыл алуу процедуралары аныкталган (алгачкы кабыл алуу жана башка БУдан которулган учурда). Тандоонун жана кабыл алуунун тиешелүү ыкмалары жана процедуралары колдонулат. |
| 3.2 | Окуучуларды (студенттерди) кабыл алуу эрежелерин, процессин, критерийлерин ачык-айкын жана ырааттуу колдонуу | Кабыл алуу боюнча маалыматтар жок. | _ | Тандоонун жана кабыл алуунун ыкмалары жана процедуралары жазылган эрежелерге жана критерийлерге ылайык колдонулат. Студенттердин категориялары боюнча статистикалык маалыматтар келтирилген. |
| 3.3 | Окуучулар (студенттер) тандап алган билим берүү траекториясы, ошондой эле академиялык мобилдүүлүк программалары жана карьералык мүмкүнчүлүктөр боюнча толук жана өз учурунда маалымат жана консультация алуусу | Документтерде чагылдырылган эмес. | Маалымат берүү, студенттердин мобилдүүлүгүн жана карьералык мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу процедуралары бар. | Маалымат берүү, студенттердин мобилдүүлүгүн жана карьералык мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу процедуралары бар. Академиялык мобилдүүлүк программалары боюнча статистика жылдар боюнча берилген. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3.4. | Окуучулардын (студенттердин) академиялык жетишкендиктери жөнүндө маалыматтын негизинде чогултуу, байкоо жүргүзүү жана андан аркы иш-аракеттер үчүн так процедуралар менен куралдардын болушу | Документтерде процедуралар көрсөтүлгөн эмес. | Академиялык жетишкендиктерге мониторинг жүргүзүүнүн процедуралары жана куралдары жарым-жартылай баяндалган. | Документтерде окуучулардын (студенттердин) академиялык жетишкендиктери жөнүндө маалыматтын негизинде мониторингдин жана андан аркы иш-аракеттердин так процедуралары жана куралдары баяндалган. |
| 3.5. | Билим берүү уюму окуучунун (студенттин) окутуудан күтүлгөн натыйжаларга жетишүүсү жана анын академиялык мобилдүүлүгүнө шарт түзүү үчүн квалификацияларды жана буга чейинки окуган мезгилдерин объективдүү таанууну камсыздоосу | Маалыматтар жок. | _ | БУда квалификацияларды жана буга чейинки алган билимин объективдүү таануу процедурасы бекитилген. |
| 3.6. | Билим берүү уюму билим берүү программасы боюнча окууну аяктаган жана окутуудан күтүлгөн натыйжаларга жетишкен окуучуларды (студенттерди) ээ болгон квалификациясын тастыктоочу, анын ичинде окутуунун жетишилген натыйжаларын, ошондой эле ээ болгон билимдин мазмунун жана статусун жана аны аяктагандыгын күбөлөндүрүүчү билими жөнүндө документ менен камсыздоосу. | _ | БУ билим берүү программасы боюнча окууну аяктаган жана окутуудан күтүлгөн натыйжаларга жетишкен окуучулардын (студенттердин) ээ болгон квалификациясын тастыктаган документ менен камсыздайт. Акыркы жыл үчүн бүтүрүүчүлөрдүн саны жөнүндө статистикалык маалыматты берет. | БУ билим берүү программасы боюнча окууну аяктаган жана окутуудан күтүлгөн натыйжаларга жетишкен окуучулардын (студенттердин) ээ болгон квалификациясын тастыктаган документ менен камсыздайт. Акыркы беш үчүн бүтүрүүчүлөрдүн саны, мамлекеттик аттестациянын жыйынтыктары, билими жөнүндө берилген документтердин саны жөнүндө статистикалык маалыматты берет. |

| 4. ОКУТУУЧУЛУК ЖАНА ОКУТУУЧУ-КӨМӨКЧҮ КУРАМ | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4.1 | Окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамдын квалификациясынын, билиминин жана тажрыйбасынын ишке ашырылып жаткан билим берүү программасына жана билим берүү процессинин талаптарына ылайык келүүсү | Окутуучу жана окутуучу-көмөкчү персоналдын сандык жана сапаттык курамы МБСтин жана программанын талаптарына ылайык келбейт. | Окутуучу жана окутуучу-көмөкчү персоналдын сандык жана сапаттык курамы МБСтин жана программанын талаптарына ылайык келет. Туруктуу талдоо жүргүзүү практикасы жок. | Окутуучу жана окутуучу-көмөкчү персоналдын сандык жана сапаттык курамы МБСтин жана программанын талаптарына ылайык келет. Курамды жана квалификацияларды талдоо туруктуу жүргүзүлөт. Квалификацияны жогорулатуу боюнча тиешелүү чечимдер кабыл алынат. |
| 4.2. | Окутуучулардын билим берүү программасына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына, эмгек рыногунун керектөөлөрүнө ылайык келүүчү жана билим берүүнүн сапатын жогорулатууга шарт түзүүчү окуу куралдарынын, окуу китептеринин үстүндө иш алып баруусу | Иш жүргүзүлбөйт же маалыматтар жок. | БУнун окутуучулары окуу куралдарын, окуу китептерин иштеп чыгуунун жана басып чыгаруунун үстүндө иш алып барат: айрым басылмалар бар. | БУнун окутуучулары билим берүү программаларына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык келүүчү окуу куралдарын, окуу китептерин иштеп чыгуу жана басып чыгаруунун үстүндө иш алып барат: иштеп чыгуулардын жана басылмалардын тизмеси бар, басып чыгаруу планы жана аларды аткаруунун 5 жыл үчүн талдоосу бар. |
| 4.3. | Билим берүү уюму тарабынан иштелип чыккан жана аткарылуучу билим берүү программасында окутуучу жана окуу-көмөкчү курамдын квалификациясын жогорулатуу боюнча реалдуу пландардын болушу | Квалификацияны жогорулатуу системалуу жана уюштурулган процесс болуп саналбайт. | КЖ планы иштелип чыккан жана ишке ашырылууда, процессти пландоого жана мониторинг жүргүзүүгө жооптуу түзүмдүк бөлүмдөр жана адамдар аныкталган. | БУнун деңгээлинде кесиптик өнүктүрүү системасы, КЖ пландары жана аларды ишке ашыруу иштелип чыккан жана ишке ашырылууда, процессти пландоого жана мониторинг жүргүзүүгө жооптуу түзүмдүк |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | бөлүмдөр жана адамдар аныкталган. |
| 4.4. | Окутуу менен илимий изилдөөлөрдүн ортосундагы байланышты чыңдоо, окутуунун инновациялык усулдарын киргизүү, алдыңкы технологияларды колдонуу үчүн окутуучулардын илимий ишмердигине дем берүү системасынын болуусу. | ИИИ үчүн дем берүү системасы жок. | Окутуучулардын илимий ишмердигине дем берүү системасы иштелип чыккан. Аны ишке ашыруунун далили жок. | Окутуучулардын илимий ишмердигине жана окутуунун инновациялык ыкмаларын жана алдыңкы технологияларды колдонууга дем берүү системасы иштелип чыккан жана ишке ашырылууда. ИИИ үчүн сыйланган окутуучулардын саны боюнча маалыматтар берилди. |
| **5. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА ЖАНА МААЛЫМАТТЫК РЕСУРСТАР** | | | | |
| 5.1 | Окуучулардын (студенттердин) ар кандай топторун, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды керектүү материалдык ресурстар (китепкана фонддору, компьютердик класстар, окуу жабдуулары, башка ресурстар) менен камсыздоо | Талдоо берилген жок же талдоо начар камсыздалгандыкты жана аны жакшыртуу боюнча чаралардын жоктугун көрсөтүүдө. | МТБ жана маалыматтык ресурстар программанын талаптарына жана студенттердин керектөөлөрүнө ылайык келүүсүнө карата талданат. | МТБ жана маалыматтык ресурстар программанын талаптарына жана студенттердин, анын ичинде ДМЧ адамдардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсүнө карата талданат. Жакшыртуу үчүн чаралар көрүлөт, беш жылдын ичинде жылышуулар бар. |
| 5.2. | Окуучуларды (студенттерди) окуу процессин толук ишке ашыруу үчүн зарыл жабдуулар, окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу-усулдук материалдар, анын ичинде электрондук ресурстар менен камсыздоо | Окуу процесси жабдуулар, окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу-усулдук материалдары менен, анын ичинде электрондук | Окуу процесси жарым-жартылай жабдуулар, окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу-усулдук материалдар, анын ичинде электрондук каражаттар менен камсыздалган. | БУ/БПнын жабдууларынын, окуу китептеринин, окуу-методикалык материалдарынын жана электрондук куралдарынын саны ар бир аккредитацияланууч программа боюнча билим берүү максаттарына шайкештиги аны |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | материалдар менен камсыздалган эмес. | | натыйжалуу ишке ашырууга мүмкүндүк берет. |
| 5.3 | Окуучуларды (студенттерди) окууга шыктандыруу жана натыйжаларга жетишүүсүнө түрткү берүү максатында тиешелүү адам ресурстары (кураторлор, класс жетекчилер, жатаканадагы тарбиячылар, психологдор ж.б.) менен камсыздоо. | Кадрлар менен камсыздоо жетишсиз, адистерди тартуу жана кармап калуу боюнча иштер жүргүзүлбөйт. | БУ адам ресурстары менен толук камсыздалган эмес, жаш адистердин келүүсү, кадрлардын кетип калышы (беш жыл ичинде) бар. Себептерин жана абалды талдоо туруктуу жүргүзүлбөйт. | БУ адам ресурстары менен камсыздалган, жаш адистер келет, кадрлардын агымынын пайызы төмөн (беш жыл ичинде). БУнун адам ресурстарын башкаруу жөнүндө жобосу бар, жылдык өзүн-өзү баалоонун бир бөлүгү катары камсыздалгандык туруктуу талданат. |

## АККРЕДИТАЦИЯЛООДОН КИЙИНКИ ИШ-ЧАРАЛАР

БПны аккредитациялоо жөнүндө ыйгарым укуктуу орган чечим кабыл алгандан кийин БУ ыйгарым укуктуу органдын комиссиясынын эскертүүлөрүн жоюу жана сунуштарын ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планын иштеп чыгышы керек.

Иш-аракеттер планы өзүнө төмөнкү иш-чараларды камтыйт:

- БПнын ИПКсы менен ыйгарым укуктуу органдын комиссиясы белгилеген сунуштарды жана эскертүүлөрдү, ошондой эле мыкты тажрыйбаларды талкуулоо;
- эскертүүлөрдү жокко чыгаруу үчүн чараларды/иш-чараларды аныктоо;
- жакшыртуу үчүн керектүү ресурстарды аныктоо;
- БУнун учурдагы планына БПны жакшыртуу боюнча иш-чараларды киргизүү жана аткаруу мөөнөттөрүн белгилөө;
- БПны жакшыртуу боюнча ар бир иш-чара үчүн жооптуу адамдарды дайындоо.

Ыйгарым укуктуу органдын БПны аккредитациялоо жөнүндө чечиминде эскертүүлөр жана сунуштар жалпыланган формулировкада берилет, ошондуктан БУ жана БПнын түзүмдүк бөлүмүнүн жетекчиси кемчиликтерди жоюунун мөөнөтүн конкреттештирүү жана аткаруу үчүн жооптуу адамды же түзүмдү аныкташы керек. Тиешелүү түзүмдүк бөлүм жана адам жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча планды иштеп чыгууга тийиш, ал жалпы БПнын деңгээлинде жалпыланышы керек жана БУну жакшыртуу боюнча пландын бир бөлүгү болууга тийиш.

БУнун жетекчилиги жакшыртуу боюнча иш-аракеттер планынын аткарылышына кылдаттык менен мониторинг жана талдоо жүргүзүп, түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилеринин чогулушунда жана БУнун ПКнын отурумунда дайыма отчет берип турушу керек.

БУ жана БПны өнүктүрүүнүн стратегиялык пландарына жана максаттарына негизделген БПнын ишмердигин мониторингдөө жана баалоо (өз алдынча баалоо) боюнча БУ жыл сайын системалык ишти жүргүзүшү керек.

БПнын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана жетекчилеринин кварталдык жана жылдык отчеттору БПны жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча пландардын аткарылышы жөнүндө маалыматтарды камтууга тийиш.

Мониторинг жана баалоо боюнча ар жылдык отчеттор берилүүгө жана бардык кызыкдар тараптар менен талкуулануу га, кийинки жылга карата иш пландарына түзөтүүлөр киргизилүүгө тийиш. Өзүн-өзү баалоо боюнча ар жылдык отчеттор кийинки аккредитациялоо үчүн БПнын беш жылдык мезгилдеги өзүн-өзү баалоосу үчүн далилдөөчү негиз болот.

БПнын жакшыртуу боюнча ишин оптималдаштыруу үчүн өз алдынча баалоо, жетишкендиктердин индикаторлору менен жакшыртуу боюнча пландарды БМСтеги маалыматтар базасын системалуу түрдө жаңылоо сунушталат. БПны мониторинг жана баалоо, ошондой эле БУнун башка баалоо боюнча иш-чараларынын процессинде алынган маалыматтар жана БУнун БМСине киргизилген иш жүзүндөгү маалыматтар БПнын сапатын жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча негиздүү чечимдерди кабыл алуу үчүн негиз болуп саналат.

## АККРЕДИТАЦИЯНЫН ЖАРАКТУУЛУГУН ТОКТОТО ТУРУУ, КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ ЖАНА ТОКТОТУУ [8]

Ыйгарым укуктуу орган бузуулар аныкталган күндөн тартып 30 жумушчу күндүн ичинде аларды четтетүү үчүн 3 айга аккредитациялоонун жарактуулугун токтото туруу жөнүндө чечим кабыл алат.

Билим берүү уюму бузуулар четтетилгендиги жөнүндө билдирген учурда ыйгарым укуктуу орган текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча бузуулар четтетилген фактыны белгилеген актыга кол коюлган күндөн кийинки күндөн тартып 30 жумушчу күндүн ичинде аккредитациялоонун жарактуулугун калыбына келтирүү жөнүндө чечим кабыл алат.

Эгерде билим берүү уюму белгиленген 3 айдын ичинде аныкталган бузууларды четтетпесе же аккредитациянын жарактуулук мөөнөтүндө Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарынын талаптарын кайра бузса, ыйгарым укуктуу орган аккредитациялоонун жарактуулугун токтотуу жөнүндө чечим кабыл алат.

БПнын аккредитациясынын жарактуулугун токтотуу жөнүндө чечим аныкталган бузуулар четтетилген жана текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарынын талаптары кайра бузулган фактыны белгилеген актыга кол коюлган күндөн кийинки күндөн тартып 30 жумушчу күндүн ичинде кабыл алынат.

Аккредитациянын жарактуулугун токтото туруу, калыбына келтирүү жана токтотуу жөнүндө чечим ыйгарым укуктуу органдын коллегиясынын чечиминин негизинде буйрук менен тарizделет.

Ыйгарым укуктуу орган аккредитациянын жарактуулугун токтото туруу, калыбына келтирүү жана/же токтотуу жөнүндө чечим кабыл алынган күндөн тартып 5 жумушчу күндүн ичинде билим берүү уюмуна жазуу түрүндө билдирет.

## АККРЕДИТАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ ДОКУМЕНТТЕР[9]

Ыйгарым укуктуу орган аккредитацияланган БУларга жарактуулук мөөнөтүн көрсөтүү менен аккредитациялоо жөнүндө сертификат берет.

БУ юстиция органдарында кайра катталган учурда сертификаттын колдонулушу кайра тариздөө менен сакталат.

Аккредитациялоо жөнүндө сертификат колдонулушун төмөнкү учурларда токтотот:

1) сертификат берилген мөөнөт аяктаганда;

2) билим берүү уюму жоюлганда;

3) билим берүү ишин жүргүзүүгө лицензияны жокко чыгаруу жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргенде;

[8] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-мартындагы № 189 токтомуна 1-тиркеме. КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-июнундагы № 289 токтому

[9] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-мартындагы № 189 токтомуна 1-тиркеме. КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-июнундагы № 289 токтому

4) билим берүү уюму тарабынан сертификат берилген тиешелүү билим берүү программасынын ишке ашырылышы токтотулганда.

Аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын бланктарынын формалары жана аны берүүнүн тартиби ыйгарым укуктуу орган тарабынан белгиленет.

Аккредитациялоо жөнүндө сертификат жоголгон же бузулган учурда билим берүү уюмунун арызы боюнча сертификаттын дубликаты берилет. Сертификаттын дубликатын берүү тууралуу ыйгарым укуктуу органдын чечими арыз катталган күндөн тартып 14 жумушчу күндөн ашпаган мөөнөттө кабыл алынат. Сертификаттын дубликаты “Дубликат” деген белги менен бир нускада таризделет.

Аккредитациялоо жүргүзүү жөнүндө арыз, Комиссиянын тышкы баалоо боюнча корутундусу, ыйгарым укуктуу органдын аккредитациялоо же аккредитациялоодон баш тартуу жөнүндө, аккредитациялоо жөнүндө сертификатты кайра тариздөө жөнүндө чечими, аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын тиркемелери менен көчүрмөсү, аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликатын берүү жөнүндө чечим жана ага тиркелген документтер, ошондой эле текшерүүлөрдү жүргүзүү менен байланышкан документтер ыйгарым укуктуу органда сакталууга тийиш.

Ыйгарым укуктуу орган аккредитацияланган билим берүү программаларынын реестрин электрондук түрдө жүргүзөт, аларды өзүнүн сайтына жайгаштырат жана жылына кеминде бир жолу жаңылап турат.

Аккредитацияланган билим берүү программаларынын реестри чечим кабыл алынган жана каттоо номери ыйгарылган датаны көрсөтүү менен түзүлөт. Реестрди жүргүзүүнүн тартиби ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталат.

Реестрге маалыматтарды киргизүү үчүн негиз болуп ыйгарым укуктуу органдын аккредитациялоо жөнүндө буйругу саналат. Аккредитацияланган билим берүү программаларынын реестри жөнүндө маалымат ыйгарым укуктуу органда беш жыл сакталат, андан кийин архивге тапшырылат.

1-тиркеме

## БПны окутуунун натыйжалары менен дисциплиналардын (кесиптик цикл) байланышы

БП үчүн жалпы компетенциялар: жоопкерчилик, өз алдынчалуулук, коммуникация көндүмдөрү өтмө болуп саналат, тиешелүү түрдө алар ар бир окуу модулунун жана дисциплиналардын алкагында түзүлүшү керек. Жалпы компетенциялар төмөнкүдөй:

ЖК1. Өз ишин уюштура билүү; жумушчу орундарды рационалдуу уюштуруу, кадрларды жайгаштырууга катышуу, аларды эмгек буюмдары жана каражаттары менен камсыз кылууга кызматкердин компетенциясына ылайык кадрларды жайгаштырууну негиздөө; чыгарылуучу продукциянын саны жана сапаты боюнча пландык милдеттерди персоналга жеткирүү;

ЖК2. Персоналдын жоопкерчилигин жана ыйгарым укуктарын аныктай билүү, башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу жана ишке ашыруу, кызматкерлердин өндүрүштүк милдеттерди аткарууга дем берүүнү негиздөө, ишкананын эмгек ресурстарын натыйжалуу колдонуу; чыр-чатак болгон учурларды башкаруу үчүн чечимдерди табуу;

ЖК3. Командада иштей алуу, кесиптештер, жетекчилик, кардарлар менен натыйжалуу баарлаша алуу; стандарттуу жана стандарттуу эмес маселелерди чечүүнүн ыкмаларынын көп түрдүүлүгүндө багыт алуу; командалык тапшырма берилген учурда жумушту аткаруу тактикасын туура түзүү, кыйынчылыктарды жеңүү жана жеке жетишкендиктерине баа берүү;

ЖК4. Жеке инсандык жана кесиптик өнүгүүнү башкара билүү жана кесиптик ишинде технология жана эмгек шарттарынын өзгөрүүсүнө ыңгайлашуу.

| Программаны окуутунун натыйжалары | Билиши керек | Билиши керек | Дисциплиналар | Окуу модулдары (кесиптик цикл) |
|---|---|---|---|---|
| **ПОН1** Имарат жана курулуш объекттеринде курулуш-монтаждоо иштерин геодезиялык камсыздоону даярдоого жөндөмдүү | **К0101.** Геодезиялык шаймандарды жана алар боюнча эсептөө эрежелерин билүү;<br>**К0102**. Башкы пландардагы шарттуу белгилерди билүү;<br>**К0103.** Негизги милдеттерди жана негиздөө үчүн инженердик-геологиялык иликтөө баскычтарын билүү;<br>**К0104.** Талаа ченөөлөрдүн натыйжаларын камералык иштетүү ыкмаларын жана методдорун билүү; | **К0107.**Геодезиялык аспаптар боюнча отчетторду аныктай алат;<br>**К0108.** Имаратты натурага чыгаруу үчүн иштеп жаткан объекттерге жана башкы план боюнча бөлүнгөн чертеждорго горизонталдык байланышты аткара билүү;<br>**К0109.**Технологиялык операцияларды аткаруунун жүрүшүндө талаа ченөөлөрүнүн жыйынтыктарын камералык иштеп чыгууда жана сапатты геодезиялык контролдоодо маалыматтык системаларды колдоно билүү; | Сызма геометрия жана инженердик графика, Геодезия негиздери. Окуу геодезиялык практика | ОМ1. Геодезиялык эсептөөлөрдү жүргүзүү |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **К0105.** Имараттардан жана таяныч геодезиялык пункттардан имараттардын окторун натурага чыгаруу ыкмаларын билүү;<br>**К0106.** Курулуш территориясын вертикалдык пландоону аткаруунун негизги ыкмаларын жана жолдорун билүү | | | |
| **ПОН2**. Имараттардын жана курулмалардын долбоорунун архитектуралык-курулуш бөлүгүн иштеп чыгууга катышууга жөндөмдүү | **К0201**. Конструктордук документтерди иштеп чыгуунун, тариздөөнүн жана окуунун эрежелерин; Конструктордук документтердин бирдиктүү системасынын (КДБС) жана техникалык документтерди тариздөөнүн Технологиялык документтеринин бирдиктүү системасынын (ТДБС) талаптарын билүү;<br>**К0202**. Имараттарды жана курулмаларды долбоорлоо жөнүндө түшүнүктөрдү; имараттардын негизги конструкциялык элементтерин координациялык окторго байлоо эрежелерин жана; пландардын, фасаддардын, кесүүлөрдүн, схемалардын чиймелерин аткаруунун тартибин билүү;<br>**К0203**. Архитектуралык-курулуш чертеждорун аткаруу үчүн иштерди авторлоштурулган долбоорлоонун кесиптик системасынын курамын, функцияларын жана колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн билүү | **К0204**. Имараттардын жана курулмалардын долбоорунун архитектуралык-курулуш бөлүгүн иштеп чыгууда ченемдик-техникалык документтерди колдоно билүү;<br>**К0205** Курулуш жана чертеждорун, инженердик тармактарды жана жабдууларды окуй алуу жана жумушчу чертеждорду иштеп чыгууда типтүү түйүндөрдү колдоно билүү;<br>**К0206**. Маалыматтык технологиялардын жардамы менен пландардын, фасаддардын, кесиктердин, схемалардын пландарынын чертеждорун аткара алат;<br>**К0207** Фундаментти түптөөнүн тереңдигин аныктай билүү жана архитектуралык курулуш чертеждорун иштеп чыгуу үчүн курулуш элементтерин тандай билүү;<br>**К0208** Курулуш объекттери үчүн бөлүнгөн участоктордун башкы пландарын окуй алуу | Сызма геометрия жана инженердик графика, Информатика, кесиптик ишмердүүлүктөгү Маалыматтык технологиялар, Имараттын архитектурасы, Инженердик тармактар, Имараттын архитектурасы Курстук долбоор Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация (Дипломдук долбоорлоо). | ОМ2. Маалыматтык технологиялардын жардамы менен пландардын, фасаддардын, кесиктердин, схемалардын чиймелердин иштеп чыгуу |
| **ПОН3**. Имараттардын жана курулмалардын долбоорунун конструктивдүү бөлүгүн иштеп чыгууга катышууга жөндөмдүү. | **К0301.** КЧжЭге ылайык курулуш конструкцияларына колдонуудагы жүктөмдөрдү жана таасирин, негизги курулуш конструкцияларын жана конструкциялык схемаларды, имараттардын бөлүктөрүнүн конструктивдүү чечимдерин билүү;<br>**К0302.** Курулуш материалдарынын физикалык жана механикалык касиеттерин, курулуш конструкцияларын долбоорлоонун ченемдик-техникалык документтерин билүү;<br>**К0303**. Курулуш конструкцияларынын элементтерин бириктирүү эрежелерин, ТБКнын ичиндеги арматуранын жайгашуусун жана чертеждордогу жана схемалардагы сүрөттөрдү, компьютердик программаларды колдонуу менен курулуш элементтерин долбоорлоонун негиздерин билүү; | **К0305.** Конструкцияга таасир этүүчү жүктөмдөрдү аныктоо менен техникалык эсептерди жүргүзүүнү, имараттын конструктивдик схемасына ылайык эсептик схеманы түзгөндү билүү;<br>**К0306.** Элементтерди кошууну эсептөөнү жана конструкциянын көтөрүүчү жөндөмүн эсептегенди билүү;<br>**К0307.** Курулуш конструкцияларын конструкциялоону иштеп чыгууда ченемдик – техникалык жана технологиялык документтерди колдоно билүү жана конструкциялык элементтердин курулуш материалдарын тандай билүү;<br>**К0308.** Компьютердик программалардын жардамы менен долбоорлонуп жаткан имараттын курулуш конструкцияларынын чертеждорун чийе алат | Сызма геометрия жана инженердик графика, Информатика, кесиптик ишмердиктеги Маалыматтык технологиялар, Техникалык механика, Курулуш материалдары, Курулуш конструкциялары, Курстук долбоор, Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация (Дипломду долбоорлоо). | ОМ3. Компьютердик программалардын жардамы менен долбоорлонуп жаткан имараттын курулуш конструкцияларынын чертеждорун чийүү |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **К0304**. Имараттардын жана курулмалардын долбоорунун конструктивдүү бөлүгүндө маалыматтык технологияларды колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн жана функциясын, автоматташтырылган долбоорлоо системасын колдонуу менен буюмдарды конструкциялоонун негиздерин билүү; | | | |
| **ПОН4**. Имараттардын жана курулмалардын долбоорунун технологиялык бөлүгүн иштеп чыгууга жана аткарууга катышууга жөндөмдүү. | **К0401.** Курулуш өндүрүшүнүн бардык этаптары боюнча технологиялык процесстин карталарын түзүүнүн эрежелерин билүү;<br>**К0402**. Маалыматтар базасын (имараттардын жана курулмалардын долбоорунун архитектуралык-курулуш бөлүгүн) колдонуу менен курулуш өндүрүшүнүн технологиялык процесстерин долбоорлоо ыкмаларын, курулуш продукциясын аткаруунун технологиялык процессин долбоорлоо методикасын билүү;<br>**К0403.** Курулушту уюштуруу долбоорунун курамын билүү: курулуш конструкцияларын, буюмдарын, материалдарын жана жабдууларын, курулуш материалдарын жана буюмдарын колдонуу чөйрөсүн, курулуш машиналарынын жана механизмдеринин негизги түрлөрүн, аларды колдонууну жана курулушта техникалык ченемдештирүүнү билүү;<br>**К0404**. Имараттардын конструктивдик схемаларын, аларды куруунун ырааттуулугун жана ыкмаларын, технологиялык операция элементтерин билүү;<br>**К0405**. Колдонуудагы схемаларга ылайык электр жабдууларын жана электр шаймандарын кошуу, которуу, жердештирүү жана курулуш аянтында электротехнологияларды жана электр жабдууларын пайдалануу боюнча оптималдуу чечимдерди кабыл алуу;<br>**К0406**. Түрү, багыты, аткарылган иштердин түрлөрү боюнча чакан механизация машиналарды жана каражаттарды ажырата билүү; | **К0407.** Курулуш иштерин өндүрүү технологиясында алдыңкы ата мекендик жана чет өлкөлүк тажрыйбаларды пайдалануу жана маалыматтык базаларды (имараттардын жана курулмалардын долбоорунун архитектуралык-курулуш бөлүктөрү) колдонуу менен технологиялык процесстерди иштеп чыгууну билүү;<br>**К0408.** Иштердин өндүрүшүнүн долбооруна кирген документтерди иштеп чыга алуу;<br>**К0409.** Иштерди аткаруу үчүн курулуш машиналарынын жана чакан механизация каражаттарынын комплектин тандап, курулуш өндүрүшү үчүн технологиялык жабдууларга, шаймандарга, курулуш өндүрүшү үчүн ыңгайлаштырууларга өтүнмөлөрдү түзө билүү, маалыматтык технологияларды колдонуу менен технологиялык документтерди жол-жоболоштуруу;<br>**К0410.** Курулуш өндүрүшүнүн технологиялык процесстерин иштеп чыгууда ченемдик – техникалык жана технологиялык документтерди колдоно билүү жана долбоорлоо-технологиялык документтерди окуй алуу; | Дисциплина: Информатика, кесиптик ишмердиктеги Маалыматтык технологиялар, Курулуш машиналары, Электротехника жана электроника, Курулуш материалдары, Имараттын архитектурасы, Курстук долбоор, Курулуш конструкциялары, Курулуш өндүрүшүнүн технологиясы, Курулуш өндүрүшүнүн технологиясы Курстук долбоор, таш, шыбак, сырдоо иштери боюнча окуу практикасы, Өндүрүштүк (технологиялык) практика, Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация (дипломду долбоорлоо). | ОМ4. Имараттардын жана курулмалардын долбоорунун технологиялык бөлүгүн иштеп чыгуу жана аткаруу |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **ПОН5.** Курулуштун сметалык-экономикалык эсебин чыгарууга жөндөмдүү | **К0501.** Иштердин көлөмүн эсептөөнүн жана долбоордук-сметалык документтерди түзүүнүн эрежесин билүү;<br>**К0502.** Аткарылган иштердин актыларын түзүүнү жана ар кандай иштерге келишимдик бааларды макулдашуу эрежелерин, убакыт ченемин жана жумуш убактысын пайдалануунун натыйжалуулугун талдай билүү;<br>**К0503.** Курулуш материалдарын, буюмдарын жана аткарылуучу иштер боюнча чыгымдоо ченемдерин билүү;<br>**К0504**. Сметаларды түзүү эрежелерин жана бирдиктүү ченемдерди билүү; | **К0505.** Долбоордук-сметалык документтерди окуй алуу;<br>**К0506.** Курулуш иштеринин бардык түрлөрү боюнча калькуляцияны түзүүнү билүү жана жумуш убактысын пайдалануунун натыйжалуулугун аныктоо жана убакыт ченемдерин талдоо;<br>**К0507.** Долбоорлонуучу имараттын курулушу боюнча техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрдү эсептей алуу жана курулуш продукциясынын баасын аныктай билүү;<br>**К0508** Маалыматтык технологияларды колдонуу менен сметаларды эсептегенди билүү; | Кесиптик математика, Ишкердик, Курулуш өндүрүшүнүн технологиясы жана уюштуруу, Кесиптик ишмердиктеги маалыматтык технологиялар, Долбоордук-сметалык иш, Тармактын экономикасы, Өндүрүштүк (технологиялык) практика, Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация (Дипломдук долбоорлоо). | ОМ5. Курулушту сметалык-экономикалык эсептөө |
| **ПОН6** Бригаданы ыкчам башкарууга, имараттар менен курулмалардын курулуш объекттеринде жалпы курулуш иштерин уюштурууга жөндөмдүү | **К0601.** Участокто иштерди пландаштыруу принциптерин жана методдорун, түзүмдүк бөлүмдөрдү, алар өндүрүштүк иштерди аткаруу учурунда башкаруу ыкмаларын жана методдорун билүү;<br>**К0602**. Курулуш участокторунун иштерин уюштуруу маселелери боюнча ченемдик-техникалык жана тескөөчү документтерди, жумушчулардын эмгегин уюштуруунун формаларын, жумуш убактысын сарптоону уюштурууда эмгек ресурстарын башкаруу системасын жана классификациялоону билүү;<br>**К0603.** Иштерди кабыл алуу актыларын жана жашыруун иштердин актыларын түзүүнүн эрежелерин билүү;<br>**К0604.** Колдонуудагы инженердик тармактарга жана курулуш аянттарындагы электр менен камсыздоо негиздерине убактылуу коммуникацияларды долбоордук абалга жана кошуу схемаларына курама элементтерди пайдалануда инженердик чечимдерди колдонууну билүү;<br>**К0605.** Курулуш аянтын уюштуруу жана техникалык жактан даярдоону жүзөгө ашыруунун ырааттуулугун жана ыкмаларын билүү; | **К0606.** Курулуш объектилерин куруу-монтаждоо иштерин жүргүзүүнү, учурдагы оңдоо жана реконструкциялоо учурунда түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишин оперативдүү пландаштырууну ишке ашырууну билүү;<br>**К0607.** Объектте аткаруу документтерин жүргүзгөндү, бригаданы участокто жайгаштырганды билүү;<br>**К0608.** Ишти аткаруучулардын (бригадалар жана звенолор) ортосунда өндүрүштүк тапшырмаларды бергенди жана бөлүштүргөндү билүү, кызматкерлерди аспаптар, шаймандар, чакан механизация каражаттары, транспорт, атайын кийим, коргоочу каражаттар менен камсыз кылганды билүү;<br>**К0609.** Курулушту уюштуруу долбооруна жана ишти өндүрүү долбооруна ылайык курулуш аянтчасын даярдоону билүү;<br>**К0610.** Жумуш убактысын, иштеп чыгууну, иштебей калууларды эсепке алуу боюнча документтерди тариздөөнү жана курулуштун календардык планын иштеп чыкканды билүү;<br>**К0611.** Иштелип чыккан башкы планды окуп жана жумуштарды аткарууга курулуш аянтчасын даярдаганды билүү. | Информатика, Кесиптик ишмердиктеги маалыматтык технологиялар, Кесиптик математика, Курулуш өндүрүшүнүн технологиясы жана уюштуруу, Курулуш өндүрүшүн технологиясы Курстук долбоор, Курулуш өндүрүшүн уюштуруу Курстук долбоор, Курулуш өндүрүшүн уюштуруу, ТРК жана эмгекти коргоо, Өндүрүштүк (технологиялык) практика, Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация (Дипломдук долбоорлоо). | ОМ6. Бригаданы ыкчам башкаруу жана имараттар менен курулмаларды куруу объекттеринде жалпы курулуш иштерин уюштуруу; |
| **ПРО7.** Имараттарды жана курулмаларды эксплуатациялай жана техникалык тейлей алат, | **К0701.** Имараттардын жана курулмалардын конструктивдик элементтерин, имараттардын капиталдуулук тобун, имараттын элементтеринин кызмат кылуу мөөнөтүн билүү; | **К0707.** Эксплуатацияланып жаткан имараттардын конструкциялык элементтерин техникалык абалын диагностикалаганды билүү; | Кесиптик математика, Курулуш машинаналары, Курулуш өндүрүшүнүн технологиясы, Курулуш өндүрүшүнүн технологиясы Курстук долбоор, | ОМ7. Имараттарды жана курулмаларды эксплуатациялоо жана техникалык тейлөө, оңдоо бригадаларынын ишин уюштуруу. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | өндоо бригадаларынын иштерин уюштурат. | **К0702.** Эксплуатацияланып жаткан имараттардын жана курулмалардын конструкциялык элементтеринин абалын контролдоонун инструменттик методдорун, имараттардын жана фасаддык конструкциялардын элементтеринин техникалык абалын баалоо методикасын билүү;<br>**К0703.** Имараттарды учурдагы өндоодо жана реконструкцияланып жаткан имараттардын көлөмдүк-пландык жана конструкциялык чечимдерин алдын ала билүү;<br>**К0704.** Имараттарды реконструкциялоо боюнча долбоордук - ченемдик документтерди билүү;<br>**К0705.** Жумуштардын көлөмүн эсептегенди жана жалпысынан имараттын эскирүү пайызын аныктаганды, кемтик актын түзгөндү, инженердик жана электр тармактарын калыбына келтиргенди жана реконструкциялоону, имараттардын инженердик жана электр энергетикалык жабдууларын билүү;<br>**К0706.** Ченемдик-техникалык документтерге жана эмгекти коргоо талаптарынын эрежелерине ылайык материалдарды, буюмдарды, конструкцияларды кабыл алганды жана сактаганды билүү; | **К0708.** Эксплуатациялоо процессинде имараттын конструктивдүү элементтеринде келип чыккан кемтиктерди аныктай алуу жана маяктарды орнотууга жана деформацияга байкоо жүргүзгөндү билүү;<br>**К0709.** Оңдоо иштерин жүргүзүүнүн графигин түзгөндү, учурдагы жана капиталдык оңдоо иштерин жүргүзгөндү, ченөөчү иштерди аткара алуу;<br>**К0710.** Имараттын ар түрдүү элементтерин күчөтүү чертеждорун аткарганды билүү жана оңдоо иштеринин көлөмүн, жалпысынан имараттын эскиргендигинин пайызын жана анын айрым элементтерин аныктаганды билүү;<br>**К0711.** Тескөөсүндө болгон ресурстарды натыйжалуу пайдалануу максатында, өндүрүштүк процесстерди пландаштырууну жана ырааттуу аткарууну, курулуш-монтаждоо иштерин материалдар, конструкциялар, механизмдер, автоунаалар менен камсыздоого өтүнмөнү тариздегенди билүү. | Курулуш өндүрүшүнүн технологиясы, Курулуш өндүрүшүн уюштуруу, Курстук долбоор, Курулуш өндүрүшүн уюштуруу, ТРК эмгекти коргоо, Имараттарды жана курулмаларды техникалык эксплуатациялоо, Өндүрүштүк (технологиялык) практика, | |
| **ПОН8**. Жалпы курулуш иштеринин сапатын көзөмөлдөөгө катыша алат. | **К0801.** Иштерди аткарууда курулуп жаткан курулуш конструкцияларынын жол берилген четтөөлөрүн билүү;<br>**К0802.** Жашыруун иштерге карата актылардын тизмесин билүү;<br>**К0803.** Курулуш иштериндеги кемчиликтердин жана бузулуулардын түрлөрүн билүү, курулуш продукциясынын сапатына карата негизги талаптарды билүү;<br>**К0804.** Иштерди өндүрүүнү жана объектти эксплуатациялоого кабыл алуу үчүн зарыл болгон документтердин тизмесин жана мазмунун билүү | **К0805.** Жалпы курулуш иштерин жүргүзүүдө бардык курулуш ченемдерин жана эрежелерин аткара билүү;<br>**К0806.** Объекттеги бардык аткарылган иштер боюнча этап боюнча контролдоону жана аткаруу документтерин жүргүзгөндү билүү;<br>**К0807.** Техникалык жана технологиялык документтерди колдоно билүү; курулуш продукциясынын сапатын контролдоо;<br>**К0808.** Иштерди, объектти эксплуатациялоого кабыл алууга документтерди тариздегенди, кемчиликтерди четтеткенди билүү; | Курулуш өндүрүшүнүн технологиясы, Курулуш өндүрүшүнүн технологиясы Курстук долбоор, Курулуш өндүрүшүн уюштуруу, Курстук долбоор, Курулуш өндүрүшүн уюштуруу, ТРК жана эмгекти коргоо, Имараттарды жана курулмаларды техникалык эксплуатациялоо, Метрология, Стандартташтыруу жана тастыктоо, Окуу практикасы. | ОМ8. Жалпы курулуш иштеринин сапатын контролдоого катышуу |
| **ПОН9.** Коопсуздук техникасын сактоо жана эмгекти коргоо. | **К901.** Кесиптик иш чөйрөсүндө эмгектин коопсуз шарттарын камсыз кылуу өзгөчөлүктөрүн, эмгек коопсуздугу боюнча, курулуш тармагына жана курулуш | **К904.** Коргоо каражаттарын камсыз кылууну жана колдонууну, ишке уруксат берүү шарттарын сактоону, коопсуздук техникасы жана өндүрүштүк санитария | ТРК жана эмгекти коргоо, Курулуш өндүрүшүнүн технологиясы, Курулуш өндүрүшүн уюштуруу, Курулуш | ОМ9. Коопсуздук техникасы жана эмгекти коргоо. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | өндүрүшүнө мүнөздүү болгон өндүрүштүк санитария жана гигиена боюнча негизги ченемдик жана техникалык ченемдик укуктук актыларды билүү;<br>**К0902.** Өрт коопсуздугунун чараларын жана өрт учурунда коопсуз жүрүм-турум эрежелерин билүү;<br>**К0903.** Эмгекти коргоону уюштуруу негиздерин, коркунучтуу жана зыяндуу өндүрүштүк факторлордон коргонуу ыкмаларын жана каражаттарын билүү.<br>Квалификацияны жогорулатуу | боюнча нускама берүүнүн ар кандай түрлөрүн жүргүзүүнү (катышууну) эске алуу менен жумушчулардын ишин уюштурганды билүү;<br>**К0905.** Эмгекти коргоо ченемдерин сактоо, коопсуздук техникасы шарттарын түзүү; коопсуздук жана айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы мыйзамдык жана укуктук актыларды сактаганды болуу;<br>**К0906.** Өрт өчүрүүнүн баштапкы каражаттарын колдонгонду билүү;<br>**К0907.** Экологиялык коркунучтарды жана айлана-чөйрөгө келтирилген зыянды баалоону, терс техногендик факторлордун курчап турган чөйрөгө тийгизген таасирине баа берүүнү; эмгектин коопсуз шарттарын камсыз кылган иш-чараларды иштеп чыгууну; кесиптик иш чөйрөсүндө коркунучтуу жана зыяндуу факторлордун травмаларына талдоо жүргүзгөндү билүү. | машиналары, Окуу практикасы, Өндүрүштүк (технологиялык практика), Квалификациялоо алдындагы (диплом алдындагы) практика | |

## Колдонулган адабияттар


1. КР 2003-жылдын 30-апрелиндеги № 92 “Билим берүү жөнүндө” мыйзамы, 2021-жылдын 23-мартындагы № 38 редакциясына ылайык;
2. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы № 221 Жарлыгы менен бекитилген 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы;
3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-сентябрындагы № 505 токтому, Кыргыз Республикасындагы Квалификациялардын улуттук системасынын концепциясы;
4. КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 18-сентябрындагы № 491 “Квалификациялардын улуттук алкагын жактыруу жөнүндө” токтому;
5. КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 29-сентябрындагы № 670 “Билим берүү программаларын жана уюмдарды аккредитациялоо тартибин бекитүү жөнүндө” токтому.
6. КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 29-сентябрындагы №670 “Билим берүү жаатындагы аккредитациялык агенттиктерди таануу тартиби жөнүндө” токтому;
7. КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 29-сентябрындагы №670 “КР Билим берүү системасында көз карандысыз аккредитациялоо жөнүндө актыларды бекитүү тууралуу” токтому, КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-мартындагы №189 “Билим берүү уюмдарын аккредитациялоо чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө” токтому;
8. КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы № 470 “Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу” токтому;
9. КР БИМдин 2019-жылдын 15-майындагы № 567/1 буйругу менен бекитилген ОКБ МБС, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин 2019-жылдын 7-июнундагы №180 каттоо номери;
10. КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-декабрындагы № 718 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жогорку жана орто кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү айырм чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому (ОКБ МБСтин макети);
11. Кыргыз Республикасынын Орто кесиптик билим берүү уюму жөнүндө жобо (КР Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы № 53 токтому менен бекитилген);
12. КР Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы № 200 “2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында Билим берүүнү өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө” токтому;
13. КР БИМдин 2021-жылдын 25-февралындагы № 173/1 “Кесиптик билим берүү уюмунун ИССКсы жөнүндө Типтүү жобону бекитүү тууралуу” буйругу.
14. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 29-декабрындагы №904/1 “Башталгыч жана орто кесиптик билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо боюнча документтерди бекитүү жөнүндө” буйругу.
15. Assuring quality in vocational education and training. The role of accrediting VET providers. Cedefop, Reference series 99. Luxembourg: Publications Office of the European Union, 2015;
16. Handbook for VET providers. Supporting internal quality management and quality culture. Cedefop, Reference series 99, Luxembourg: Publications Office of the European Union, 2015;
17. EQAVET indicators: https://www.eqavet.eu/EU-Quality-Assurance/For-VET-Providers/monitoring-your-system/evaluation/EQAVET-Indicators;
18. Standards and Guidelines for Quality Assurance in the European Higher Education Area (ESG). (2015). Brussels, Belgium;
19. Quality assurance in the SACE — roles and responsibilities. Ref: A787236,0.5. Last Updated: 24/01/2019 12:03 PM;
20. Proposed indicators for assessing technical and vocational education and training. Working Document. Inter-Agency Working Group on TVET indicators, 2014;
21. https://fb.watch/6qG0yJdba8/ 08.06.2021-ж .карата.